№96
(3545)
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
# Эркин-Тоо
Шейшемби,
2023-жылдын
5-декабры
www.erkin-too.kg

# ККМ – "КӨМҮСКӨ" ЭКОНОМИКАНЫ ЖОЮУГА ӨБӨЛГӨ ТҮЗӨТ

## САЛЫК КЫЗМАТЫ НОЯБРДА 20,2 млрд сом САЛЫК ЖЫЙНАДЫ!




3-бетте

БАЭ САПАРЫ...
www.erkin-too.kg




# АРАБ ӨЛКӨЛӨРҮ МЕНЕН БАЙЛАНЫШ ЧЫҢДАЛЫП, ИНВЕСТИЦИЯЛАР ТАРТЫЛУУДА

***Президент Садыр Жапаров Бириккен Араб Эмираттарына үч күндүк иш сапары менен барып, саммитке катышкандан сырткары бир топ жолугушууларды өткөрүп, мамлекет үчүн өтө пайдалуу иштерди бүтүрүп келди.***

Атап айтсак, сапардын биринчи күнүндө Мамлекет башчысы Дубайда БАЭнин энергетика жана инфраструктура министри Сухейль Аль Мазруи менен сүйлөшүүлөрдү өткөрдү. Тараптар соода-экономикалык, инвестициялык жана энергетикалык тармактарда кызматташууну активдештирүү маселелерин талкуулашты. Соңунда энергетика жана инфраструктура министри Сухейль Аль-Мазруи Кыргызстан менен кеңири чөйрөдө эки тараптуу кызматташтыкты бекемдөөгө умтуларын белгиледи.

Ал эми 1-декабрда Садыр Жапаров климат боюнча иш-аракеттердин Бүткүл дүйнөлүк саммитинин ачылыш аземине катышты. Климат боюнча иш-аракеттердин Бүткүл дүйнөлүк саммитине катышуу үчүн “Expo City Dubai” көргөзмө борборуна келген делегация башчыларын БАЭ Президенти шейх Мухаммед бин Заед Аль Нахайян жана БУУнун Башкы катчысы Антониу Гутерриш тосуп алышты. Иш-чара Бириккен Улуттар Уюмунун колдоосу астында өткөрүлүүдө. Бул жылы ага 70 миңден ашуун адам катышты, анын ичинде 140тан ашуун өлкөнүн лидерлери болду.


Ушул эле климат боюнча иш-аракеттердин Бүткүл дүйнөлүк саммитинин аянтчасында Садыр Жапаров Монголиянын Президенти Ухнаагийн Хурэлсух менен жолугушту. Өлкөлөрдүн лидерлери эки тараптуу кыргыз-монгол кызматташтыгын ар кыл тармактарда кеңейтүүнүн актуалдуу маселелерин талкуулашып, келечектеги биргелешкен өз ара аракеттенүүнүн артыкчылыктарын белгилешти. Эки мамлекет ортосундагы саясий, соода-экономикалык, инвестициялык, маданий-гуманитардык тармактарда өнөктөштүктү активдештирүү зарыл экендигин айтышты.

Андан кийин Президент БУУнун климаттын өзгөрүшү жөнүндө Алкактык Конвенциясынын Тараптарынын 28-конференциясынын Жогорку деңгээлдеги сегментинде сөз сүйлөп, анда келечек муундардын жашоосуна жакшы таасир тийгизиш үчүн бардык зарыл чараларды көрүүнүн маанилүүлүгүн айтты. Мамлекет башчысы эксперттердин баамында, абанын температурасы планетанын орточо көрсөткүчүнөн кескин жогорулашы бүтүндөй Борбор Азиядагыдай эле Кыргызстанда да байкалганына токтолуп, Кыргызстандын жана Борбор Азиянын тоолуу экосистемаларында жайгашкан мөңгүлөр суу-энергетикалык жана азык-түлүк коопсуздугу, экологиялык туруктуулук үчүн өтө маанилүү экендигин билдирди.

Ошондой эле, Садыр Жапаров климат боюнча иш-аракеттердин Бүткүл дүйнөлүк саммитинин аянтчасында бир катар өлкөлөрдүн жетекчилиги менен, атап айтканда Түркмөнстандын Президенти Сердар Бердымухамедов, Словениянын Президенти Наташа Пирц-Мусар жана Пакистандын Премьер-министринин милдетин аткаруучу Анвар-уль-Хак Какар менен эки тараптуу жолугушууларды өткөрүп, мамлекеттер аралык ынтымакты чыңдаган баарлашууларды жүргүздү.

Андан соң Мамлекет башчысы Адаптация боюнча глобалдык жыйынтык чыгаруу боюнча Жогорку деңгээлдеги комитеттин биринчи отурумунда «Тоолуу өлкө катары Кыргыз Республикасында климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуусу» деген темада сөз сүйлөдү. Садыр Жапаров өз сөзүндө эл аралык коомчулукту тоолуу өлкөлөрдүн климаттык жана тоо экосистемасынын экологиялык көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган аракеттерин колдоого чакырып: “Тоолор аба ырайынын түзүлүшүндө, суунун циклинде жана көмүртектин сакталышында негизги ролду ойнойт. Аларды коргоо – аймактык эле маселе эмес, бул глобалдык муктаждык” деди Президент.


*Президент Садыр Жапаров БАЭ энергетика жана инфраструктура министри Сухейль Аль-Мазруи менен*


*«Abu Dhabi Future energy company PJSC-Masdar» жана «Électricité de France» компанияларынын өкүлдөрү менен*

Эртеси Президент БАЭге болгон иш сапарынын алкагында Абу-Даби өнүктүрүү фондунун башкы директору Мохаммад Саиф Аль-Сувейди менен жолугушту. Сүйлөшүүлөр башталаар алдында Мамлекет башчысынын катышуусунда «Абу-Даби Кыргыз Инвестмент» кыргыз-эмират биргелешкен холдингдик компаниясынын уставдык жана уюштуруу документтерине кол коюу аземи болду. Сүйлөшүүнүн жүрүшүндө потенциалдуу экономикалык кызматташтык жана стратегиялык инвестициялык мүмкүнчүлүктөр боюнча пикир алмашышты. Бириккен Араб Эмираттары Кыргызстан үчүн бир тууган жакын өлкө, ал эми элдерибизди тарыхый жана руханий достук байланыштар бириктирип турат.

Мындан сырткары, Садыр Жапаровдун катышуусунда Кыргызстандын Энергетика министрлиги менен «Abu Dhabi Future energy company PJSC-Masdar» жана «Électricité de France» компанияларынын ортосунда үч тараптуу Өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумга кол коюу аземи болду. Андан кийин эки компаниянын өкүлдөрү менен сүйлөшүүлөр жүрдү. Президент Садыр Жапаров жолугушуунун катышуучуларын өлкөнүн гидроэнергетикалык потенциалына өзгөчө көңүл бурууга чакырып, Кыргызстан «жашыл экономиканы» өнүктүрүүгө туруктуу багыт алганын баса белгиледи.

## “МАНАС” ЭПОСУНУН КҮНҮ КУТ БОЛСУН!

***Кечээ, 4-декабрда кыргызстандыктар элибиздин улуу мурасы болгон “Манас” эпосунун күнүн белгилешти. Элибиздин ондогон кылымдардан бери муундан муунга көчүп, атадан балага айтылып, көкүрөгүндө жат сактап келген улуу “Манас” эпосунун күнү менен Президент Садыр Жапаров куттуктады.***

“Манас” эпосу – кыргыздын улуттук сыймыгы, ооздон оозго айтылып келген руханий улуу мурасы, дүйнөлүк элдик поэзиянын шедеври, нечендеген кылымдардан бери элдин туу туткан жол көрсөткүчү! Кыргыз эли – “Манас” эпосунун ээси, сактоочусу жана улантуучусу. Биз үчүн улуу дастандын нукура элдик көркөм чыгарма катары да, элдин тарых-таржымалы катары да, улуттук идеологиянын башаты катары да мааниси зор.

Кызыл байрагыбыз, гербибиз жана гимнибиз мамлекеттин символдору болсо, "Манас" эпосу – улуттук иденттүүлүктүн символу. Кылымдар кыйырын кырча басып келаткан түптүү кыргыз журтунун элдүүлүгү, биримдиги улуу “Манас” дастанында кашкая таасын айтылган. Ал эми көп этностуу Кыргызстандын улуттук идеологиясынын башаты дал ушул улуу биримдиктен угут алат” деген Президент ар бир кыргыз жаранында Айкөл Манастын деми болушун тиледи.

## КИЧИ АВТОБУС БЕЛЕККЕ БЕРИЛДИ

***Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Шакиев Жалал-Абад облусуна иш сапары менен барып, Жалал-Абад шаарындагы балдардын психоневрологиялык социалдык стационардык мекемесинин абалы менен таанышты.***



Андан соң андагы эмгектенген адистер менен баарлашып, 3-декабрь – Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын эл аралык күнүн утурлай уюштурулган иш-чарага күбө болду. Мекемеге республиканын бардык булуң-бурчунан 4 жаштан 18 жашка чейинки ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар кабыл алынат. Азыркы тапта 110 бала бар.

Төрага резервдик фондунан каражат бөлүп, аталган мекемеге Mercedes-Benz Sprinter үлгүсүндөгү кичи автобусту тапшырды. Ошондой эле балдарга керектүү белектер берилди.

## САЛЫК ТӨЛӨӨ – АР БИР ЖАРАНДЫН МИЛДЕТИ!

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаровдун төрагалыгы алдында соода түзүмдөрүнүн, ири базарлардын, менчик ээлеринин, соода кызматкерлеринин кесиптик бирлик уюмдарынын өкүлдөрү менен жооптуу мамлекеттик органдардын жыйыны өттү.***

Акылбек Жапаров маалымат ишинин жетишсиздигинен кабыл алган салык режиминдеги өзгөртүүлөр боюнча коомдо бурмаланган түшүнүк калыптанганын айтып, чекене соодагерлердин басымдуу көпчүлүгү үчүн мамлекет жетекчилигинин чечими менен патент гана жокко чыгарылбастан, башка бир катар жеңилдиктер каралганын билдирди. Анткени, чакан азык-түлүк дүкөндөрүн иштеткен, базарларда майда соода менен алектенген үй-бүлөлөр ар кандай салык төлөөдөн толугу менен бошотулган, анткени алардын товар жүгүртүүсү 8 миллион сомго жетпейт.

Министрлер Кабинетинин Төрагасы белгилүү бир күчтөр маалыматтын жетишсиздигинен пайдаланып, соодагерлерди тукуруу аракетин көрүп жатканын, бирок элдин басымдуу көпчүлүгү мамлекетти чыңдоо жана тартипти орнотуу саясатын колдоорун да белгиледи. Ошондой эле, соодагерлерди ашыкча түйшүктөн арылтуу үчүн эки жуманын ичинде электрондук эсеп-фактураларды жана жол баракчасын иштетүүнү мүмкүн болушунча жөнөкөйлөтүү боюнча тапшырмаларды берди.

**Зулпукаар САПАНОВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

УЧУРДУН МАСЕЛЕСИ

www.erkin-too.kg

# ККМ – “КӨМҮСКӨ” ЭКОНОМИКАНЫ ЖОЮУГА ӨБӨЛГӨ ТҮЗӨТ




Баардыгыбыз бардар жашоону каалайбыз. Андыктан, казынабыз бай болушу кажет. Тилекке каршы, дээрлик отуз жылдан бери чет жактан карыз алып, бюджетибиздин “тешигин” жамап, күн өткөрүп келдик. Ошону менен бирге “көмүскө” экономика апогейине жетип, сөздүн түз маанисиндеги миллионерлердин гана жашоосу май-көл, сүт-көл болуп келгенин танууга болбойт. Негизи, кайсыл гана өнүккөн өлкө болбосун, салыктын эсебинен казынасын толтуруп, калкты заманбап тейлөөгө жетишип, бакубат турмушта жашашат. Муну элибиз өтө жакшы түшүнөт деп ойлоймун. Бирок, бизде каалоо жоктой.

“Жаңы жылдан баштап патент системасы жоюлат” деген Министрлер Кабинетинин токтомуна каршы чыккан соодагерлер жер-жерлерде митинг уюштурушуп, айрым жерлерде иш таштоо болду. Негизги дооматы – соодада көзөмөл-кассалык машиналарды (ККМ) колдонбоо. Садыр Жапаров бийликке келгенден бери фискалдык саясатта тыкыр өзгөрүүгө шарт түзүп, эң оболу ишкерлерге, айрыкча чакан соода жүргүзгөн жарандарыбызга колдоо көрсөтүүгө артыкчылык берди. ККМ эң оболу “көмүскө” экономиканы, коррупцияны жоюунун куралы экенин баса белгилеп келишти. Карап көрсөк, дал ошол чакан сооданын өкүлдөрү наразы болуп кыйкырып чыгышууда. Же алар кимдир бирөөнүн куралы болушууда. Ишкердин соодадагы бир жылдык киреше 8 млн сомдон ашпаса, бир тыйын салык төлөбөсө, мунун эмнеси жаман?

Бир мисал, эгерде айына 4000 сомго патент сатып алып, күнүгө 2000 кап ун, же болбосо, вагон-вагон тактай саткан ишкерди алалы. Булар 50-100 миллиондогон акча каражатын “сол чөнтөгүнө” кымырып кетишүүдө. Ушул жерде социалдык адилеттүүлүк жок болуп жатпайбы. Ошондуктан, мамлекет күнүгө 10 кап ун саткан ишкерди салыктан бошотуп, 2000 кап ун саткан ишкердин “көмүскө” кирешесин ачыктоонун аракетин көрүп жатат. Ал эми мында “көмүскө” экономиканын бетин ачууда ККМ маанилүү ролу зор. Муну неге танабыз? Же болбосо, социалдык баракчадан алынган төмөндөгү салыштырууга назар салып көргүлө.

ККМ аппараты алыска барбай, өзүбүзгө тааныш болгон КМШ өлкөлөрүнүн дээрлик бардыгында кызмат өтөп жатат. Ал жакта бул система өзүнүн жемишин берүүдө. Аларда ар бир дүкөн, чачтарач, жада калса кичинекей ларекто да чек берилет экен. Салык төлөө маданияты калыптанып калгандыктан, жарандары өздөрү чек сурайт. Ал тургай, Монголияда мал базарда ККМ аппараттары колдонулуп жатканын өз көзүм менен көрдүм.

Моюнга алыш керек, соодада ККМ апппараттарын колдонууда артта калдык. Мында карапайым соодагерлерди күнөөлөө негизсиз. Анткени, түшүндүрүү иштери солгун жүрүп жатат. Ошондой болсо да, жылыштар бар. Салык кызматынын маалыматы боюнча, акыркы 2 жылдын ичинде контролдук-кассалык машиналарды колдонгон ишкерлердин саны дээрлик үч эсеге көбөйүп, 2023-жылдын жыл башына карата колдонуудагы ККМдин саны 65 422 дааналы түзүптүр. Салык кызматы 2023-жылдын ноябрында 20,2 млрд сом салык чогултуп, тарыхта болбогон көрсөткүчкө жетип олтурушат. Келерки жылы 230 млрд сом салык топтоо күтүлүп жатыптыр. Бул дагы болсо салык тармагындагы реформанын үзүрү.

Эгерде казынабызда акча көп болсо, айлык акылар көбөйүп, жашоо-шартыбыз жакшы жагына оойт. Мектеп, бала-бакча, оорукана жана башка социалдык обьектилер курулат. Куралдуу күчтөрүбүз чыңдалат.

Ошондуктан, өзгөрөлү. Салык төлөө маданиятын өркүндөтөлү. Дүйнөлүк экономикалык өнүгүүнүн үлгүсү болгон Америкада “Өлүм менен салыктан качып кутулбайсың” деген калетсиз айтылган сөз бар. Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров, “Салыктын аты эле салык болбосо, «жакшылыктын айлампасы» демекчи, чогултkан акчаларыбыз, өзүбүздүн гана жыргалчылыгыбызга жумшалары талашсыз.

ККМ аппаратын колдонуу мамлекеттик маанилүү иш-чара. ККМ өлкө ичиндеги контрабанданын контрафактылык товарларынын кыскарышына өбөлгө түзөт. Элибиздин ден соолугуна түздөн-түз таасирин тийгизип жаткан сапатсыз, арзан, мөөнөтү өткөн товарлардын Кыргызстанга киришине жолтоо боло алат.

Бишкектеги жана башка аймактардагы чоң базарлардын соодагерлеринин көзөмөл-кассалык машинелерди (ККМ) колдонууга каршы наразылык акцияларын иликтөө үчүн Президент Садыр Жапаров жумушчу комиссия түзгөн. Комиссиянын жыйынында жарым жыл түшүндүрүү иштери гана жүргүзүлүп, эл жаңы системага көнүп, үйрөнгүчө эч кандай айып пул салынбай турганы маалым болду. Текшерүү да болбойт экен. Бул базарларда жана жалпы эле соода тармагында иштегендерге тиешелүү экенин салык кызматынан билдиришти. Андан тышкары 30 миң ККМ сатып алып, ишкерлерге бекер таратып берүү тапшырмасы берилет экен.

Демек, бийлик дале ишкерлер тарапта. Ушундан улам, өзүнүн “чөнтөгүнө” иштеген ири бизнестин куралына айланбай, ККМди соодада курал катары пайдалануу өзүбүз үчүн да, мамлекет үчүн да өтө пайдалуу экенин түшүнө билели.

**Шекербек КАЛЫКОВ**

# КУРАЛДУУ КҮЧТӨРҮБҮЗ КҮЧТӨНҮҮДӨ

Жай мезгилинде Президент Садыр Жапаровдун төрагалыгы алдында Коопсуздук кеңешинин жыйыны өтүп, анда өлкөбүздүн жаңы аскердик доктринасынын долбоору каралган. Аскердик турмушка кызыккандар жакшы билет, соңку жылдары жаңы аскердик доктрина азыркыдай терең үңүлүп карала элек болчу. Каралса дагы “ат үстүнөн”, чоң көйгөйлөргө, маанилүү маселелерге үстүрт мамиле жасалып келген.

Аскердик доктрина бир жума же бир айда чампаланып иштелип чыга турган оңой-олтоң иш эмес. Өлкөнүн Куралдуу күчтөрүнүн Башкы кол башчысы Садыр Жапаров бийликке келген жылдардан тарта бул тармакка өзгөчө көңүл бурулуп, көптөгөн толуктоолор менен өлкөбүздүн жаңы, азыркы кырдаалшартка толук жооп берген аскердик доктринасы кабыл алынды.

Ошого катар Өлкө башчысы Куралдуу күчтөрдү чыңдоо багытында көңүл кубантарлык иштерди жасады. Атап айтсак, Өзгөчө кырдаалдар министрлигине биринчи жолу 3 тик учак, 700 атайын техника алынды. Заман талабына шайкеш согуштук техникалардан “Акынжы”, “Аксүнгүр”, “Байрактар” баштаган учкучсуз учактарын, “Печора-2 БМ” мобилдик-зениттик ракеталык комплекси, абадан кол салуудан коргоо күчтөрүнүн “МИ-8 жана МИ-17” тик учактарын өздүк каражатка алганыбыз элибиздин көкүрөгүн көтөрүп койду.

Өлкөбүз эгемендүүлүк алганы биринчи ирет аскердик-техникалык жактан базабыздын чыңдалып, абадан кол салуудан коргоо күчтөрүнүн күжүрмөн паркы толугу менен жаңыланды. Аскерлерибизди турак-жай менен камсыздоо иши да жолго коюлуп, кызматтык батирлер берилүүдө. Айтор, ушул иштердин баары, жогоруда биз сөз кылган аскердик доктринага байланат. Азыр дүйнөдө кырдаал курчуп, аскердик-саясий абал опурталдуу болуп жаткан маалы. Мындай шартта коргоо министрлиги, чек ара кызматы жана коопсуздук жаатын жетектеген жетекчилер ири алды доктринанын негизинде иш алып барып, Башкы кол башчыбыздын койгон талаптарын туура аткаруусу зарыл.



Башкы кол башчынын командасында катаал шартта дасыккан, аскердик кашанын даамын татып, жоокер менен бирге окопто жаткан, курч кырдаалда туура чечим кабыл алып, жоопкерчиликти билген адамдар болушу шарт. Башкасы болбосо да, Коргоо министрлиги менен Коопсуздук кеңешинин катчылыгындагы жетекчилер Мамлекет башчысынын аманаттарын татыктуу аркалашы зарыл. Кабинеттен чыкпаган генералдардын азыр бизге кереги жок экендигин эки жолку Баткендеги кагылыш өтө жакшы тастыктап койду. Биз андан сабак алышыбыз зарыл.

Кыскасы, кабыл алынган доктринаны реалдуу турмушка ашырууда, дегеле аскердик саясатты темирдей тартип астында жаңы деңгээлге көтөрүүдө Афган, Баткен согушунда жалтанбай от кечкен, теориялык терең билимге, аскердик бийик тажрыйбага ээ болгон инсандарды ишке тартуу учурдун талабы деп эсептейм. Маселен, А.Кудайбердиев, Т.Өмүралиев, Р.Мирзаматов, Ж.Чынтемиров, С.Молдалиев, Ж.Капаров, тажрыйбалуу аскердик жетекчи Р.Дүйшөнбиев сындуу офицер, генералдардын тажрыйбасы менен кеп-кеңишин алса, өлкөбүз үчүн утуш гана болмок. “Атаң алтымышка чыкканда, алдап-соолап күчүн ал” деген кеп кыргызда бекеринен айтылган эмес.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

СҮТКОРЛОР СҮР КӨРСӨТҮШҮҮДӨ
www.erkin-too.kg

# САЛЫК ТӨЛӨӨДӨН КАЧКАНЫҢ, МАМЛЕКЕТТИ САТКАНЫҢ!




Акыркы жумада чагылгандай тездик менен биринин артынан экинчиси уланган митингдерге Бишкек, Ош, Каракол, Талас шаарларындагы базарларда иштеген соодагерлер чыгышып, патент системасын калтыруу талабын коюшту. Тагыраагы, контролдук-кассалык машиналарга каршы экендигин билдиришти. Мындан улам Президент базарлардагы нааразылыкты иликтөө үчүн жумушчу комиссия түздү.

Бардыгына эле маалым болуп калды, ККМге каршы чыккандар эң башкысы көмүскө экономиканын ачыкка чыгышына каршы болушууда. Маселен, Улуттук статистикалык комитет ИДПнын 21 пайызы көмүскөдө экендигин билдирип келе жатат. Ал эми көз карандысыз эксперттер 40-50 пайызга жетерин айтышууда, бул чындыкка жакындайт. Анткени, ККМди киргизүү менен өлкөнүн экономикасы чоң секирик жасап, бюджети 570 млрд сомго чыкканына, ИДП 1 трлн сомдон өткөнүнө күбө болдук. Ошого катар буга чейинки 20 млрд сомдук дефицит жоюлуп, 20 млрд сомдук профицитке чыкканын көрдүк. Албетте, көмүскө экономиканы түп тамырынан кыя чабуу кыйын. Бирок, өнүккөн өлкөлөрдөгүдөй 10-15 пайызга түшүрүп, үлүшүн төмөндөтүү үчүн ККМ киргизилген.

Отуз жылдан берки башаламандыкта өздөрүн базардагы кожоюн катары сезип, миллиондогон кирешеге туйтунуп көнгөн сүткорлор бүгүн ушул экономикалык саясатка каршы чыгып жатышат. Көмүскө экономиканын ширесин мите курттай соруп көнгөн чайкоочулар жеке кызыкчылыктары үчүн мамлекетти олку-солку кылгандан кайра тартпай турушат. Кытай жана башка өлкөлөрдөн ири көлөмдө товар алып келүүдө алардын салык боюнча мыйзамдарын так аткарышып, Кыргызстан тарапка өтөрү менен кирешесин жашырган, салык төлөөдөн баш тарткан адамдар бүгүн төңкөрүштүн ураанын чакырышууда. Буга жалпыбыз каршы турушубуз керек. Кыргыз элинин, мамлекетинин тагдырын сүткорлор менен чайкоочулар чечкенге жол бербешибиз зарыл.

ККМ аппараттары – салыктын өз убагында төлөнүшүн көзөмөл кылган гана механизм. Өзбекстан, Казакстан, Россия жана башка кошуна өлкөлөр бул системаны киргизгенине 10 жылдан ашты. Бизде азыр жылдык товар жүгүртүүсү 8 млн сомдон ашпаган чакан ишкерлер салык төлөбөйт, бир тыйын да алынбайт. Болгону ККМ колдонуп соода кылышы керек, мамлекетке кирешесин ачык көрсөтүп турушу шарт. Мамлекет соодагерлерге ККМ аппаратын акысыз таратып келди, каалоочулар салык кызматынан азыр деле сурап алса болот. Бул дагы мамлекеттин соода кылган жаранга камкордугу. Башкалардай союл менен башка чапкандай кылып жарым жылда өткөзбөй, ырааты менен жүргүзүп жатат.

Баарыбыз калыс бололук, 30 жыл бош койдук, эми байлар, ири соодагерлер салыкты төлөсүн да. Алардын салыкты жашырып жатканын ар бирибиз көзөмөлгө алып, талап кылалык. Өнүккөн өлкөлөргө суктанабыз, алар салык менен байыган. Мамлекетке салык түшсө өнүгөт. Каражаттын түшкөнү ачык болсо, уурдалбаса, карапайым элдин турмушу оңолот. Пенсия, айлыктар, социалдык төлөмдөр көбөйөт. Баарыбыз көрүп жатабыз, аскердик жана жол курган техникалар, тик учактар, автобустар, кызматтык унаалар, өрт өчүргүч машинелер биринин артынан бири алынып жатат.

Өкүнүчтүүсү, ККМге каршы болгон сүткорлорду тукургандар бар экени айтылууда. Чындыгында эле, шуру менен тизгендей бир кылка кетишинде мандем бар. Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров дагы муну белгилеп, соодагерлерди тукуруп аткан күчтөр бар экендигинин чекесин чыгарды. Учурда жемкорлорго, айрыкча криминалдык топторго каршы күрөш кызуу жүрүп жаткан маалы. Элден тоногон байлыгынан айрылып, бийликке тишин кычыраткандар толтура. Ушундай жагдайда көмүскө экономиканын каймагын калпыган сүткорлор мамлекетти шантаж кылып, жеке мүдөөсүн канааттандырганга аракеттенүүдө. Бул жерде сөзсүз тукургандар бар. Сырттан каржыланган оппозициялык топтор да жөн жаткан жери жок. Коопсуздук кызматтары тыкыр иликтеши керек.

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров: "Биз жакырчылык менен күрөшөбүз жана бардык адамдарды жакырчылыктан чыгарабыз. Байлар дагы да байып, кедейлер кедей болуп кете берүүсү мүмкүн эмес. Биз үй-бүлөсүн багуу үчүн иштеген бардык чынчыл адамдарды коргойбуз жана жардам беребиз. Биз алар тараптабыз" деди. Чындыгында эле бул күрөш мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн жасалып жатат. Келечегибиздин өнүгүшү ар бирибиз үчүн керек. Качанкыга чейин жемкорлорго, сүткорлорго тонотуп отура беребиз! Салыгын жашыргандар мекендин чыккынчысы! Биз алардын шантаж кылып, мамлекетти чөгөлөтүшүнө жол бербешибиз керек!

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

## Президент муктаждарга күйүмдүү болууга чакырды

Майыптардын эл аралык күнүнө карата Президент Садыр Жапаров кайрылуу жолдоп, жарандарды жардамга муктаждарга күйүмдүү болууга чакырды.

"Өлкөбүздө майыптыгы бар адамдардын укуктары чектелбейт, аларга урмат-сый жана түшүнүү менен мамиле жасалат. Себеби, элибиз каш-кабактын ортосундагы болуп кетүүчү кырсыкты болжоп болбойт деп, ошондой эле Жараткандын жазмышы деп тубаса дартты туура кабыл ала билген акылман эл. Тагдырдын жазмышына кабылган мындай жарандарга жардамын аябай кол сунган жоомарт эл. Ага жараша мамлекеттеги майыптуулугу бар жарандарына ар тараптуу тиешелүү социалдык колдоолорду көрсөтүү аракетин көрүп келет. Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү мекендештердин муктаждыктарын канааттандырууну, алардын укугун коргоону эң башкы милдеттердин бири деп билет. Урматтуу кыргызстандыктар, бүгүнкү күнгө терең маани берүү менен баарыңыздарды жардамга муктаж жарандарыбызга мээримдүү, күйүмдүү, камкор, кайрымдуу жана карамдуу болууга чакырам" деди Президент.

Эске сала кетсек, расмий маалыматка ылайык, өлкөдө майыптыгы бар адамдардын саны 211 миңден ашат.

## Таштанды полигонуна 850 көчөт тигилди



Бишкектин түндүк тарабындагы таштанды төгүүчү жай кышы-жайы дебей күйүп, түтүн каптап келген эле. Мамлекет башчысынын тапшырмасы менен ушул жылы май айында өрт толугу менен өчүрүлүп, анын аймагын ирээтке келтирүү үчүн тосмо курулуп баштаган. Өткөн аптада Бишкек шаардык мэриясы таштанды полигонун жашылдандыруу иш-чарасынын алкагында 850 көчөт тигилгенин билдирди. Бара-бара бул жер токойго айланып, тамчылатып сугаруу ыкмасы колдонулат. Натыйжада 2,3 гектар жерде токой тилкеси пайда болмокчу.

**Зулпукаар САПАНОВ**

## Кыргыз-тажик чек арасы чечилерине аз калды

Тажикстандын Согди облусунун Бустон шаарында кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасын делимитациялоо жана демаркациялоо боюнча Кыргызстан менен Тажикстандын өкмөттүк делегацияларынын теңтөрагалары Камчыбек Ташиев жана Саймумин Ятимов жолугушту.

Министрлер кабинетинин басма сөз кызматы анда чек аранын калган тилкелеринде долбоордук линиянын өтүүсүнүн сыпаттамасын аяктоо боюнча ишти активдештирүү зарыл экени белгиленгенин билдирди.



3-ноябрда Акылбек Жапаров жаңы жылга чейин чек ара ачыларын билдирип: "Кыргызстан менен Тажикстандын башчыларынын тапшырмасынын негизинде жаңы жылга чейин бардык чек арадагы маселелер чечилди деп маалымат берүүнүн үстүндө иштеп жатабыз" деген.

Эске сала кетсек, Кыргызстан менен Тажикстандын чек арасынын жалпы узундугу 972 чакырымды түзөт. 2002-жылдан 2020-жылдарга чейин 519 км такталганы маалымдалган, 2022-жылы эки өлкөнүн президенттери жолукканда жалпысынан 664 чакырым тилке боюнча орток пикир бар экенин ырасташкан. Быйылкы жылы сүйлөшүүлөр кызуу жүрүүдө.

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# ЧАКАН УЧАК САТЫП АЛЫНДЫ



Кечээ Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттиги “Чоң жетишкендиктер мезгили” аттуу басма сөз жыйынын уюштуруп, бир жыл ичиндеги мамлекеттик агенттиктин негизги жетишкендиктери жана жыйынтыктары боюнча маалымат берди. Анда регионалдык аэропортторду өнүктүрүү, авиациялык ишмердүүлүктү модернизациялоо жана учуулар коопсуздугу жаатында кеңири айтылды. Ошондой эле жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин жөнгө салууну өркүндөтүү боюнча стратегиялык планы, авиациялык тармакты өнүктүрүүгө көмөктөшүү жана өнөктөштүк мамилелери жөнүндө сөз козголду.

Журналисттердин суроолоруна Жарандык авиация агенттигинин директору Д.Бостонов, “Кыргызаэронавигация” мамлекеттик ишканасынын башкы директору Ш.Жангазиев, Кыргыз авиациялык институтунун директору У.Курманов жооп беришти. Негизинен кыргыз авиациясын “кара тизмеден” чыгаруу боюнча кандай иштер жүрүп жаткандыгы боюнча кызыгышты. 2006-жылдан бери эч бир аракет көрүлбөй, быйыл гана жолугушуулар болуп, иш ордунан жылганы маалымдады. Улам берилген суроолордун жыйынтыгында, бир жарым жылдын аралыгында “кара тизмеден” чыгуу мүмкүнчүлүгү жаралганын кошумчалашты.

Андан кийин журналисттер “Манас” эл аралык аэропортунда уюштурулган пресс-турдун жүрүшүндө Президенттин ТУ-154 учагынын абалын көрүп чыгышты. Мамлекеттик жарандык авиация агенттигинин башчысы Данияр Бостонов ТУ-154 учагынын эскилиги жеткенин айтып, Кыргызстандын мамлекеттик жогорку жетекчилеринин жана расмий делегацияларынын муктаждыктары үчүн Airbus 320 же Boeing 737 учагын сатып алуу пландалып жатканын билдирди. Ага катар Президент менен мамлекеттик кызматкерлер өлкө ичиндеги жумуштарды ыкчам бүтүрүшү үчүн сатып алынган 9 адамдык King Air 360 маркасындагы чакан учак менен таанышышты.

Мындан сырткары, Жарандык авиацияга сатып алынган атайын техникалар көрсөтүлүп, ар биринин аткарган кызматы баяндалды. Мамлекет бул жаатта дагы ири ийгиликтерге жетишип, жаңы учак, ондогон техникаларды сатып алып жаткандыгына пресс-турга катышкан журналисттер күбө болду.

**Зулпукаар САПАНОВ**

КАЛК САЛАМАТТЫГЫНДА
www.erkin-too.kg

*Медицина илимдеринин доктору Жаркынбек КАСЫМБЕКОВ:*

# “Эл колдоп турса кызмат кылуудан чарчабайм”

Алгач карьерасын катардагы дарыгерликтен баштаган Жаркынбек Касымбеков борбордогу №64 орто мектепти алтын медаль, Кыргыз мамлекеттик медициналык институтун артыкчылык диплому менен аяктап, 31 жашында медицина илимдеринин кандидаты болуп айрымдарды таңданткан жайы бар. Карапайым дарыгерден тарта тармакта ийгиликтүү жетекчи катары жолду басып, министрдин орун басары, бир канча ай министрдин милдетин аткаруучу да болгонго жетишкен медицина илимдеринин доктору менен тармактагы абал жана өзүнүн кызыктуу саясий тагдыры жөнүндө баарлаштык.



**- Жаркынбек Орозбекович, саламаттыкты сактоо министринин орун басары кезиңизде бир канча ай министрдин милдетин да аткаруучу болуп турдуңуз. Бир мезгилде министрдин милдетин аткаруучулуктан гана эмес, орун басарлыктан да кетишиңиз көпчүлүккө табышмак болгон жайы бар. Алгач ушул жагын ачыктап берип койбойсузбу?**

- Бул жагында ашынган саясат деле жок. Менин кызматтан кетишим өкмөттөгү кадыресе көрүнүш. Бизде тармак башына келген жетекчи ким болбосун системага өзүнүн командасы менен келип иштегенге аракетин кылат. Менин кызматтан кетишим деле ушундай мүнөздө болгон. Тагыраагы, ошол кездеги Гүлнара Баатырова биздин тармактын башына келген соң, Президенттин Жарлыгы менен ачылган министрликтин алдындагы коомдук саламаттыкты сактоо улуттук институтун жетектөөнү сунуш кылган. Мен министрдин сунушун түшүнүү менен кабыл алып, учурда иштеп жатам.

**- Өзүңүз жетекчилик кылган Улуттук институт жөнүндө азыноолак маалымат бере кетсеңиз?**

- Биздин институттун 85 жылдык бай тарыхы бар, мамлекетибиздин медицинасынын эң биринчи илимий мекемеси. Азыркы медициналык академия, илимий борбор, институттарынын дээрлик көпчүлүгүнүн уюткусу десем жаңылышпайм. Өлкөнүн саламаттык сактоо системасынын натыйжалуулугу ооруларды алдын алуу, профилактикалык чаралардын деңгээлине көз каранды. Профилактикага кеткен 1 сом, мамлекеттин капчыгын 7 сомдон 12 сомго чейин үнөмдөйт. Ушул иш-чаралардын илимий негиздемелерин, усулдук жолдорун иштеп чыгуу, практикалык сунуштарды киргизүү – биздин милдет. Институтубузда 93 адам иштейт. Дараметин, кесиптик даярдыгын арттырып, жаңы кадрларды даярдап, материалдык-техникалык шартын жакшыртуу, мамлекетибиз күткөн үмүттөрдү актоо – биздин башкы максатыбыз.

**- Соңку жылдары өлкөбүздүн медициналык окуу жайларына чет элден, айрыкча Пакистан, Индиядан келген студенттердин катары көбөйүүдө. Мындай көрүнүштүн оң, терс жактарына кандай баа бересиз? Бизде чын эле чет элдиктер самагандай билимдин сапаты жогорубу?**

- Биз мындан эч коркпошубуз керек. Туура мамиле кылса, бюджетти толтуруунун жакшы булагы да болмок. 1 чет элдик студент бир жылда кеминде окуу акысы, батири, жүргөн-тургану, тамагы болуп отуруп 7-8 миң доллар сарптайт. Алар төлөгөн каражатка окуу жай материалдык базасын бекемдеп, курулуштар жүрүп жатат, маяналар берилип, салыктар төлөнөт. Азыр Кыргызстанда 20 миңге жакын чет элдик студенттер болсо, 140-160 млн доллар түшүп жатат. Бул потенциалды 1 млрд долларга чейин көтөрсөк болот. Биздин окутуучулардын курамынын деңгээли деле жаман эмес. Коомубуз салыштырмалуу лоялдуу, мыйзамдарыбыз либералдуу, ошондуктан бизге тартылып жатышат. Ушул процесси бузбай, тескерисинче шарт түзүп, керек болсо медицина билимин экспорттоо хабы кылсак болот. Бул жагынан Грузиянын тажрыйбасы үлгү боло алат. Аларда студенттердин саны 100 миңден ашык. Бирок биздикинен чыгымдары кымбат.

**- Жакында медицина тармагы боюнча төбө чачты тик тургузган статистикалык маалыматтар жарыяланды. Тагыраагы, аты жаман эхинококкоз менен альвеококкоз ылаңынан жабыркагандар тездик менен көбөйүп, мунун арты менен жаштар арасында өлүмдүн саны да өскөнү маалым болду. Биз мындай ылаңды дарылабай, алдын алсак болот беле?**

- Мындай жагымсыз көрүнүш жалаң эле бир беткей медицинага тиешелүү эмес, ветеринарияга да мүнөздүү экенин эсибизден чыгарбасак жакшы болмок. Биз айтылуу Советтер Союзун канчалык жерисенибиз менен ал системанын жакшы жактарын азыр да алышыбыз керек болчу. Кудайдын кулагы сүйүнсүн, учурда малдын саны көбөйдү. Керек болсо төрт түлүктүн туягынын саны союздун дүркүрөп турган убагынан да өстү. Мунун арты менен жайыттардын бузулушу - эрозиясы күчөп, малдын туягын көтөрө албай калды. Малдын саламаттыгына ветеринардык көзөмөлдүн жоктугунан улам эхинококкоз, альвеококкоз баштаган түрдүү ылаңдар күч алып, натыйжасы адамдарга жугууда. Ошондуктан, мындай дарттардын алдын алалы десек мамлекеттик деңгээлде көңүл буруп, Саламаттык сактоо жана Айыл чарба министрликтеринин ортосундагы ведомстволор аралык чоң масштабдагы иш-чаралар тез арада жүрбөсө абал мындан да оорлошо берет. Өзгөчө малга, ээсиз иттерге чара көрбөсө болбойт. Биз учурда ооруларды гана дарылап, кесепети менен гана күрөшүп жатабыз. Мунун түпкүлүгү колдогу малдын убагында эмделбей, базарларда оорулуу малдын эти сатылып, көчөдө ээсиз иттердин көбөйүп, көзөмөлдүн болбой жаткандыгында болууда.

**- Мен билгенден сиз Бишкек шаардык кеңешине 2 ирет, Жогорку Кеңешке 2 ирет депутаттыкка талапкер катары талпынып көрдүңүз. Кезегинде Коомдук палатанын мүчөсү катары саясий процесстерге активдүү катышып, ал тургай Чүй районунун акими да болгон жайыңыз бар. Муну сураганым, коомдук-саясий иштер менен алпурушуп жүргөн саясатчынын илимий иш жактоого кантип убактысы болду экен?**

- 2004-жылы 31 жашымда кандидаттык ишимди жактадым. Ал эми докторлук ишим менен 11 жыл алпурушуп жүрүп 48 жашымда коргодум. Мен кесиптик ишимди кайсы кызмат же кай жерде жүрбөйүн эч качан таштаган эмесмин жана мындан ары деле таштабайм. Ал эми коомдук-саясий иштерге Кыргызстандын жараны, өлкөбүздүн эртеңине кайдыгер карабаган инсан катары кыйыр жана түз түрдө жарандык позициям менен катышып турдум. Дагы айтам, мен кесиптик ишмердүүлүгүмдү, өзгөчө андагы илимий ишимди бир күн дагы токтотуп койгон адамдардан эмесмин. Жетекчи болгон жылдары кечкисин жумуштан кийин жана дем алыш күндөрү сөзсүз илимий иштерим менен алпурушуп жүрдүм. Илимий макалаларымды жазганды токтоткон эмесмин. Азыр дүйнө, анын ичинде медицинадагы күн сайын өзгөрүп, өнүгүп жаткан учур. Мен андай жаңыланып турган процесстерден эч качан артта калгым келбейт.

**- Саясий карьераңызды жыйынтыктап койбосоңуз керек. Келечекте саясатка кайтып, депутаттык жарышка түшүп, кайрадан саламаттыкты сактоо системасынын жетекчилеринин бири болгонго каалооңуз бар да, туурабы?**

- Өзүң жакшы байкайт турбайсыңбы, шайлоого бир канча ирет катышып, талапкер болдум. Депутаттык мандат азырынча буйрубаптыр, эми калганы убакыттын иши. Бардыгы Жаратkandын буйругуна жараша болот тура. Шарт туура келип, эң оболу Жаратkandын буйругу жана элибиздин колдоосу болсо албетте, кызмат кылыштан чарчабайбыз. Буга чейинки алган билимимди, тажрыйбамды элибиздин эртеңки жаркын келечеги үчүн арноонун өзү жигитке таандык мүнөз го деп ойлойм.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# «КООПЕРАТИВДЕР ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 19-октябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

«Кооперативдер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2004-ж., № 10, 436-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-статьяда:

а) $2^{1}$ жана $2^{2}$-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«$2^{1}$. **Турак жай-эксплуатациялык кооперативи** - алардын акчалай баага ээ болгон мүлктүк үлүштүк мүчөлүк акыларын бириктирүүгө негизделген, көп батирлүү үйдүн жалпы мүлкүн башкаруу үчүн мүчөлүктүн негизинде турак жайлардын жана турак эмес жайлардын менчик ээлеринин ыктыярдуу биригүүсү.

$2^{2}$. **Турак жай, турак жай-эксплуатациялык же турак жай-курулуш кооперативи** - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте түзүлгөн, көп батирлүү үйдү же болбосо турак жай комплексин куруу үчүн мүчөлүктүн негизинде жеке жактардын ыктыярдуу биригүүсү.»;

б) төмөнкүдөй мазмундагы $2^{3}$-пункт менен толукталсын:

«$2^{3}$. **Өз ара жардамдашуунун турак жай-топтомо кооперативи** - кооперативдин мүчөлөрү тарабынан үлүштүк мүчөлүк акыларды бириктирүү жолу менен кооперативдин мүчөлөрүнүн турак жайлардагы керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн мүчөлүктүн негизинде жеке жактардын ыктыярдуу биригүүсү.»;

в) 11-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«11. **Өзгөчө кырдаалдар үчүн фонд** - өзгөчө жагдайлар менен байланышкан чыгымдарды, тактап айтканда, кооперативдин карыздарын жана кредиттерин жабуу үчүн багытталган фонд. Кооперативдер мындай фондду түзүүгө жана өзүнүн уставында анын өлчөмүн, мүлктүк үлүшүн жана пайдалануу тартибин аныктоого милдеттүү.»;

г) статья төмөнкүдөй мазмундагы 15-пункт менен толукталсын:

«15. **Турак жай-курулуш кооперативдеринин жана өз ара жардамдашуунун турак жай-топтомо кооперативдеринин ишин контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу орган** - турак жай-курулуш кооперативдеринин жана өз ара жардамдашуунун турак жай-топтомо кооперативдеринин ишин контролдоону жүзөгө ашыруучу орган. Ыйгарым укуктуу орган, ошондой эле анын ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.»;

2) 2-статьянын төртүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«- кооперативдин мүчөлөрү тарабынан анын ишин башкаруунун жана контроль жүргүзүүнүн демократиялуулугунун, кооперативдин башкаруу органдарынын кооперативдин мүчөлөрүнүн тең укуктуулугуна негизделген кооперативдин жалпы чогулушуна шайлануусунунун жана отчеттуулугунун;»;

3) 3-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3-статья. Кооперативдер

1. Кооперативдер кооперативдин уставында каралган биргелешкен чарбалык жана башка иштерди жүзөгө ашыруу үчүн ыктыярдуу негизде жеке жана юридикалык жактар тарабынан түзүлөт.

2. Эгерде кооперативдердин ишинин негизги максаты пайда алуу болуп саналса, алар коммерциялык кооперативдер катары (айыл чарба кооперативи, финансылык кооператив жана башка) же пайда алуу алар үчүн ишинин негизги максаты болуп саналбаган өздөрүнүн мүчөлөрүнүн кызыкчылыгында ишин жүзөгө ашыруучу коммерциялык эмес кооперативдер (турак жай-курулуш кооперативи, турак жай кооперативи, турак жай-эксплуатациялык кооперативи, өз ара жардамдашуунун турак жай-топтомо кооперативи жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган ишти жүзөгө ашыруу үчүн түзүлүүчү кооперативдердин башка түрлөрү) катары түзүлүшү мүмкүн.»

4) 4-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«4-статья. Кооперативдин мүчөлөрүнүн минималдык саны

1. Кооперативдин мүчөлөрүнүн саны жетиден кем эмес жана бир миңден көп эмес болууга тийиш.

2. Өз ара жардамдашуунун турак жай-топтомо кооперативи өзүнө элүүдөн кем эмес мүчөнү камтууга тийиш.»;

5) Мыйзам төмөнкүдөй мазмундагы $5^{1}$-статья менен толукталсын:

«$5^{1}$-статья. Турак жай, турак жай-эксплуатациялык же турак жай-курулуш кооперативдерин түзүүнүн жана ишинин өзгөчөлүктөрү

1. Өз ара жардамдашуунун турак жай-топтомо кооперативдери жашоо үчүн багытталган кыймылсыз мүлктү сатып алуу боюнча биргелешкен ишти жүзөгө ашыруу үчүн гана түзүлөт. Иштин башка түрлөрү каралбайт.

2. Өз ара жардамдашуунун турак жай-топтомо кооперативинин фирмалык аталышы «өз ара жардамдашуунун турак жай-топтомо кооперативи» деген сөздөрдү камтышы керек.

3. Турак жай, турак жай-эксплуатациялык же турак жай-курулуш кооперативинин мүчөсүнүн үлүштүк мүчөлүк акысы кооперативдин үлүштүк фондуна акчалай эквивалентте төлөнөт. Акчалай баага ээ болгон мүлк үлүштүк мүчөлүк акы катары салынышы мүмкүн. Үлүштүк фонддун максаттуу багыты - кооперативдин мүчөлөрү үчүн турак жай сатып алуу же куруу үчүн гана. Үлүштүк фонддун эсебинен кооперативдин чыгымдарын жабуу же аны карап күтүү каралбайт.»;

6) 6-статьяда:

а) 2-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Кооперативдердин бирликтери кооперативдерге ушул Мыйзамдын 2-статьясында белгиленген кооперативдик принциптердин сакталышына аудитордук текшерүү жүргүзө алышат. Кооперативдик принциптердин сактоо предметине аудитордук текшерүү кооперативдин мүчөлөрүнүн таламдарынын кысымга алынышына алып келүүчү мүмкүн болуучу бузууларды болтурбоо жана кооперативдин ишинин начарлашына жол бербөө максатында кооперативдин мүчөлөрүнүн отчеттук чогулушун өткөргөнгө чейин бирлик тарабынан жүзөгө ашырылат.

Финансылык аудит аудитордук иш чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык жүзөгө ашырылат.

Бирликтер өздөрүнүн уставдык максаттарын ишке ашыруу үчүн зарыл болгондо ишкердик иш менен алектене алышат.»;

б) 8-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«8. Бирликтик фирмалык аталышы ишинин негизги предметине көрсөтмөнү жана «бирлик» деген сөздү камтууга тийиш.»;

в) статья төмөнкүдөй мазмундагы 9-пункт менен толукталсын:

«9. Турак жай-курулуш кооперативдерин жана өз ара жардамдашуунун турак жай-топтомо кооперативдерин бириктирүүчү кооперативдер бирлиги мүчөлүк уюмдарга финансылык туруктуулукту камсыз кылуу боюнча талаптарды белгилөөгө жана алардын аткарылышын контролдоого укуктуу.»;

7) 8-статъяда:

а) 2-пунктта «кирүү мүчөлүк акыларынын» деген сөздөр «кирүү акыларынын жана мүчөлүк акылардын» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) статья төмөнкүдөй мазмундагы 4-пункт менен толукталсын:

«4. Өзгөчө кырдаалдар үчүн фонд түзүү жана устав менен анын суммасын жана мүлкүнүн үлүшүн аныктоо керек, ал жок болсо, юстиция органдарында каттоого мүмкүн эмес.»;

8) 9-статьяда:

а) 1-пунктта:

- 14-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«14) резервдик фондду жана өзгөчө кырдаалдар үчүн фондду түзүү тартибин, алардын суммаларын, мүлктүк үлүшүн аныктоону;»;

- пункт төмөнкүдөй мазмундагы экинчи-бешинчи абзацтар менен толукталсын:

«Турак жай-курулуш кооперативинин жана өз ара жардамдашуунун турак жай-топтомо кооперативинин уставы төмөнкү маалыматтарды дагы камтууга тийиш:

- үлүштүк мүчөлүк акынын бөлүгүнүн өлчөмү кооперативдин мүчөсүнүн үлүштүк мүчөлүк акысынын өлчөмүнүн 30 пайызынан кем болбоого тийиш, аны төлөгөндөн кийин кооперативдин мүчөсүнө пайдаланууга өткөрүп берүү үчүн кооператив тарабынан турак жайды сатып алууга же курууга укук пайда болот;

- кооператив тарабынан тышкы булактардан тартылуучу зайымдык каражаттардын максималдуу өлчөмү кооперативдин үлүштүк фондунун өлчөмүнүн 30 пайызынан ашпоого тийиш;

- турак жай алуунун кезектүүлүгүнүн тартиби.»;

б) статья төмөнкүдөй мазмундагы 3-пункт менен толукталсын:

«3. Кайсы болбосун кызыкдар жак кооперативдин уставы менен таанышууга укуктуу. Кооператив кайсы болбосун кызыкдар жакка кооперативдин уставы менен, анын ичинде байланыштын электрондук каражаттары аркылуу таанышуу мүмкүнчүлүгүн берүүгө милдеттүү.»;

9) 12-статьянын 2-пунктунун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Кооперативдин ар бир мүчөсүнө кагаз же электрондук түрдө мүчөлүк китепче берилет же болбосо ар бир мүчө үчүн кооперативдин веб-сайтында төмөнкү маалыматтарды камтыган жеке кабинети ачылат:»;

10) 13-статьяда:

а) 1 жана 2-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Кооператив кооперативдин мүчөлөрүнүн реестрин өз алдынча жүргүзүүгө жана сактоого милдеттүү. Реестрди сактоо тартиби жана мөөнөтү кооперативдин уставында аныкталууга тийиш, мында кооперативдин кооперативде мүчөлүгүн токтоткон мүчөлөрү жөнүндө маалымат реестрде сакталууга тийиш, ал эми кооперативдин иши токтотулган учурда архивдик иш жөнүндө мыйзамдарга ылайык архивге өткөрүлүп берилүүгө тийиш.

2. Кооперативдин мүчөлөрүнүн реестрине өзгөртүүлөрдү киргизүүнү кооперативдин аткаруу органы жүргүзөт, ал кооперативдин мүчөлөрүнүн реестринин аныктыгы үчүн жоопкерчилик алат.»;

б) статья төмөнкүдөй мазмундагы 4-пункт менен толукталсын:

«4. Кооперативдин реестри өзүнө ушул Мыйзамдын 12-статьясынын 2-пунктунда каралган маалыматтарды камтууга тийиш.»;

11) 14-статьяда:

а) 2-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Кооперативдин мүчөсү кооперативден өзү чыгып кеткенге чейин 12 айдан кечиктирбестен, ал эми турак жай, турак жай-эксплуатациялык же турак жай-курулуш кооперативинин мүчөсү - 6 ай мурун кооперативдин башкармалыгына жазуу жүзүндө арыз берүү аркылуу өз ыктыяры менен чыгууга укуктуу.»;

б) 3-пункттун үчүнчү сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: «Өзүнүн үлүштүк мүчөлүк акысын кооперативдин башка мүчөсүнө өткөрүп берүүчү кооперативдин мүчөсү өзүнүн мүчөлүгүн арыз берген мөөнөттөн тартып 12 айлык мөөнөт өткөнгө чейин, ал эми турак жай, турак жай-эксплуатациялык же турак жай-курулуш кооперативинин мүчөсү - 6 ай мурун токтотууга укуктуу.»;

12) 16-статьянын 1-пункту төмөнкүдөй мазмундагы сүйлөм менен толукталсын: «Чыгып кеткен мүчөнүн үлүшүнүн жана кооперативдин активдеринин анык наркы бухгалтердик эсептин маалыматтары боюнча финансылык жыл аяктаган күнгө карата бухгалтердик эсеп чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте аныкталат.»;

13) 17-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«17-статья. Кооперативди башкаруу органдарынын түзүмү

Кооперативди башкарууну кооперативдин мүчөлөрүнүн жалпы чогулушу, кооперативдин кеңеши жана аткаруу органы (башкармалык) жүзөгө ашырат. Эгерде кооперативдин мүчөлөрүнүн саны 50дөн ашык болсо, кооперативдин кеңеши милдеттүү түрдө түзүлөт.

Мүчөлөрүнүн саны 50дөн кем болгон кооператив өз ишин кеңешти түзбөстөн жүргүзө алат, бул учурда анын ыйгарым укуктары кооперативдин мүчөлөрүнүн жалпы чогулушуна өткөрүп берилет.»;

14) 18-статья төмөнкүдөй мазмундагы $13^{1}$-пункт менен толукталсын:

«$13^{1}$. Кооперативдин мүчөлөрүнүн жалпы чогулушунун жыйынтыгы боюнча протокол түзүлөт, анда жалпы чогулуш кабыл алган бардык чечимдер камтылууга тийиш. Кооперативдин мүчөлөрүнүн жалпы чогулушунун протоколуна жалпы чогулушка катышкан бардык мүчөлөр колдорун коюшу керек. Жалпы чогулуш жана добуш берүү сырттан же болбосо онлайн-форматта өткөрүлгөн учурда, кооперативдин мүчөлөрүнүн жалпы чогулушка жана добуш берүүгө катышуусу кооперативдин ички актыларында белгиленген мөөнөттө эсептөө комиссиясы тарабынан документтештирилүүгө тийиш.»;

15) 19-статьянын 1-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Кооперативдин мүчөлөрүнүн жалпы чогулушунда чогулуштун күн тартибиндеги маселелер боюнча добуш берүү бюллетендерди пайдалануу менен же болбосо уставда каралган башка ыкмалар менен жүргүзүлөт.»;

16) 20-статья төмөнкүдөй мазмундагы $5^{1}$-пункт менен толукталсын:

«$5^{1}$. Кооперативдин кеңешинин жыйналышынын жыйынтыктары боюнча протокол түзүлөт, анда кеңеш кабыл алган бардык чечимдер камтылууга тийиш. Кооперативдин кеңешинин жыйналышынын протоколуна кеңештин жыйналышка катышкан бардык мүчөлөрүнүн колдору коюлууга тийиш.»;

17) 23-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«23-статья. Кооперативдин кеңешинин мүчөлөрүнүн жана башкармалыгынын мүчөлөрүнүн жоопкерчилиги

1. Кооперативдин кеңешинин мүчөлөрү жана башкармалыгынын мүчөлөрү кооперативдин кызыкчылыгында ак ниеттүүлүк жана акыл-эстүүлүк менен иш жүргүзүүгө тийиш. Алар өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга байланыштуу өздөрүнө белгилүү болуп калган кооперативдин кызматтык жана коммерциялык сырын түзгөн маалыматтын купуялуулугун камсыз кылуу боюнча чараларды көрүүгө тийиш.

2. Кооперативдин кеңешинин мүчөлөрүнүн жана башкармалыгынын мүчөлөрүнүн өз милдеттерин ак ниетсиз аткаруусунун, кеңештин мүчөлөрү жана башкармалыктын мүчөлөрү анын жыйынтыгында негизсиз байыган бүтүмдү жасоосунун кесепетинен улам, ошондой эле алар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана кооперативдин уставын бузган учурда кооперативге келтирилген чыгымдардын ордуу кооперативге Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте толтурулуп берилүүгө тийиш.»;

18) 24-статьяда:

а) 1-пункттун биринчи абзацында «эки» деген сөз «үч» деген сөзгө алмаштырылсын;

б) 2-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Текшерүү комиссиясы кооперативдин мүчөлөрүнүн таламдарынын кысымга алынышына, кооперативдин ишинин начарлашына же анын банкрот болушуна алып келүүчү мүмкүн болгон эреже бузуулардын алдын алуу максатында кооперативдин финансылык-чарбалык ишин текшерүүнү, ошондой эле кооперативдин бүткүл ишинин ушул Мыйзамга жана башка ченемдик актыларга шайкештигин текшерүүнү жүзөгө ашырат. Текшерүү комиссиясы текшерүү жүргүзүүгө квалификациялуу адисти тартууга укуктуу. Турак жай-курулуш кооперативине жана өз ара жардамдашуунун турак жай-топтомо кооперативине текшерүү жүргүзүүдө текшерүү комиссиясы текшерүү жүргүзүүгө көз карандысыз аудитордук уюмду (аудиторду) тартууга милдеттүү.»;

в) 5-пунктта «кооперативдин башкармалыгына жана кооперативдин кеңешине жазуу жүзүндө корутунду берет» деген сөздөр «кооперативдин мүчөлөрүнүн жалпы чогулушунун, кооперативдин башкармалыгынын жана кооперативдин кеңешинин кароосуна жазуу жүзүндөгү корутундуну берет» деген сөздөргө алмаштырылсын;

г) 7-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«7. Кооперативдин иши ушул Мыйзамдын 21-статьясынын 3-пунктуна ылайык тышкы аудитордук текшерүүгө алынышы мүмкүн. Мындай учурда аудитордук уюмду (аудиторду) тандоо кооперативдин кеңеши же кооперативдин текшерүү комиссиясы тарабынан (эгерде кооператив ишин кеңеш түзбөстөн жүзөгө ашырса) жүзөгө ашырылат. Мында аудитордук уюмду (аудиторду) тандоо конкурстук негизде жүргүзүлөт.»;

д) статья төмөнкүдөй мазмундагы 8-пункт менен толукталсын:

«8. Турак жай-курулуш жана турак жай-топтомо кооперативинде кооперативдин бухгалтердик эсебин жүргүзүү жана бухгалтердик (финансылык) отчеттуулугу аудитордук уюм (аудитор) тарабынан ар жыл сайын текшерилүүгө тийиш.»;

19) 26-статьянын 3-пункту «кооперативдин уставында» деген сөздөрдөн кийин «жана кооперативдердин ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында» деген сөздөр менен толукталсын.

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 29-ноябры №201***

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О КООПЕРАТИВАХ»

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 19 октября 2023 года*

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О кооперативах» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2004 г., №10, ст. 436) следующие изменения:

1) в статье 1:

а) пункты $2^1$ и $2^2$ изложить в следующей редакции:

«$2^1$. **Жилищно-эксплуатационный кооператив** - добровольное объединение собственников жилых и нежилых помещений на основе членства для управления общим имуществом многоквартирного дома, основанное на объединении их имущественных паевых взносов, имеющих денежную оценку.

$2^2$. **Жилищный, жилищно-эксплуатационный или жилищно-строительный кооператив** - добровольное объединение физических лиц на основе членства для строительства многоквартирного дома либо жилого комплекса, созданное в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики.»;

б) дополнить пунктом $2^3$ следующего содержания:

«$2^3$. **Жилищно-накопительный кооператив взаимопомощи -** добровольное объединение физических лиц на основе членства для удовлетворения потребностей членов кооператива в жилых помещениях путем объединения членами кооператива паевых взносов.»;

в) пункт 11 изложить в следующей редакции:

«11. **Фонд для чрезвычайных ситуаций** - фонд, предназначенный для покрытия расходов, связанных с особыми обстоятельствами, а именно долгов и кредитов кооператива. Кооперативы обязаны создать такой фонд и определить в своем уставе его размер, имущественный пай и порядок использования.»;

г) статью дополнить пунктом 15 следующего содержания:

«15. **Уполномоченный орган по контролю за деятельностью жилищностроительных кооперативов и жилищно-накопительных кооперативов взаимопомощи** - орган, осуществляющий контроль за деятельностью жилищно-строительных кооперативов и жилищно-накопительных кооперативов взаимопомощи. Уполномоченный орган, а также его полномочия определяются Кабинетом Министров Кыргызской Республики.»;

2) абзац четвертый статьи 2 изложить в следующей редакции:

«-демократичности управления и осуществления контроля за деятельностью кооператива его членами, выборности и подотчетности органов управления кооператива общему собранию кооператива, основанных на равноправии членов кооператива;»;

3) статью 3 изложить в следующей редакции:

«Статья 3. Кооперативы

1. Кооперативы создаются физическими и юридическими лицами на добровольной основе для осуществления совместной хозяйственной и иной деятельности, предусмотренной уставом кооператива.

2. Кооперативы могут создаваться как коммерческие кооперативы, если основной целью их деятельности является извлечение прибыли (сельскохозяйственный кооператив, финансовый кооператив и другие), или как некоммерческие кооперативы, осуществляющие деятельность в интересах своих членов, для которых извлечение прибыли не является основной целью деятельности (жилищно-строительный кооператив, жилищный кооператив, жилищно-эксплуатационный кооператив, жилищно-накопительный кооператив взаимопомощи и иные виды кооперативов, создаваемых для осуществления деятельности, не запрещенной законодательством Кыргызской Республики).»;

4) статью 4 изложить в следующей редакции:

«Статья 4. Минимальное количество членов кооператива

1. Число членов кооператива должно быть не менее семи и не более одной тысячи.

2. Жилищно-накопительный кооператив взаимопомощи должен включать в себя не менее пятидесяти членов.»;

5) Закон дополнить статьей $5^1$ следующего содержания:

«Статья $5^1$. Особенности создания и деятельности жилищных, жилищно-эксплуатационных или жилищно-строительных кооперативов

1. Жилищно-накопительные кооперативы взаимопомощи создаются только для осуществления совместной деятельности по приобретению недвижимости, предназначенной для жилья. Иные виды деятельности не предусматриваются.

2. Фирменное наименование жилищно-накопительного кооператива взаимопомощи должно содержать слова «жилищно-накопительный кооператив взаимопомощи».

3. Паевой взнос члена жилищного, жилищно-эксплуатационного или жилищностроительного кооператива вносится в паевой фонд кооператива в денежном эквиваленте. В качестве паевого взноса может быть внесено имущество, имеющее денежную оценку. Целевое назначение паевого фонда - только на приобретение или строительство жилья для членов кооператива. Покрытие убытков или содержание кооператива за счет паевого фонда не предусматривается.»;

6) в статье 6:

а) пункт 2 изложить в следующей редакции:

«2. Союзы кооперативов могут осуществлять аудиторскую проверку кооперативов на предмет соблюдения кооперативных принципов, установленных статьей 2 настоящего Закона. Аудиторская проверка на предмет соблюдения кооперативных принципов осуществляется союзом до проведения отчетного собрания членов кооператива в целях предотвращения возможных нарушений, ведущих к ущемлению интересов членов кооператива и недопущения ухудшения деятельности кооператива.

Финансовый аудит осуществляется в соответствии с требованиями законодательства Кыргызской Республики в сфере аудиторской деятельности.

Предпринимательской деятельностью союзы могут заниматься при необходимости для реализации их уставных целей.»;

б) пункт 8 изложить в следующей редакции:

«8. Фирменное наименование союза должно содержать указание на основной предмет его деятельности и содержать слово «союз».»:

в) статью дополнить пунктом 9 следующего содержания:

«9. Союз кооперативов, объединяющий жилищно-строительные кооперативы и жилищно-накопительные кооперативы взаимопомощи вправе устанавливать членским организациям требования по обеспечению финансовой устойчивости и контролировать их исполнение.»;

7) в статье 8:

а) пункт 2 после слова «вступительных» дополнить словами «и членских»;

б) статью дополнить пунктом 4 следующего содержания:

«4. Необходимо создать фонд для чрезвычайных ситуаций и уставом определить его сумму и долю имущества, при отсутствии чего невозможна регистрация в органах юстиции.»;

8) в статье 9:

а) в пункте 1:

- подпункт 14 изложить в следующей редакции:

«14) порядок образования резервного фонда и фонда для чрезвычайных ситуаций, определение их сумм, имущественной доли;»;

- пункт дополнить абзацами вторым - пятым следующего содержания:

«Устав жилищно-строительного кооператива и жилищно-накопительного кооператива взаимопомощи должен также содержать следующие сведения:

- размер части паевого взноса, после внесения которого возникает право на приобретение или строительство кооперативом жилого помещения для передачи его в пользование члену кооператива, не может быть менее 30 процентов от размера паевого взноса члена кооператива;

- максимальный размер заемных средств, привлекаемых кооперативом из внешних источников, не может превышать 30 процентов размера паевого фонда кооператива;

- порядок очередности получения жилья »:

б) статью дополнить пунктом 3 следующего содержания:

«3. Любое заинтересованное лицо вправе ознакомиться с уставом кооператива. Кооператив обязан предоставить любому заинтересованному лицу возможность ознакомиться с уставом кооператива, в том числе посредством электронных средств связи.»;

9) абзац первый пункта 2 статьи 12 изложить в следующей редакции:

«2. Каждому члену кооператива выдается членская книжка в бумажном или электронном виде либо на веб-сайте кооператива для каждого члена открывается личный кабинет, содержащий следующие сведения:»;

10) в статье 13:

а) пункты 1 и 2 изложить в следующей редакции:

«1. Кооператив обязан самостоятельно вести и хранить реестр членов кооператива. Порядок и сроки хранения реестра должны определяться уставом кооператива, при этом информация о членах кооператива, прекративших членство в кооперативе, должна сохраняться в реестре, а в случае прекращения деятельности кооператива должна быть передана в архив в соответствии с законодательством об архивной деятельности.

2. Внесение изменений в реестр членов кооператива ведет исполнительный орган кооператива, который несет ответственность за достоверность реестра членов кооператива.»;

б) статью дополнить пунктом 4 следующего содержания:

«4. Реестр кооператива должен включать в себя сведения, предусмотренные пунктом 2 статьи 12 настоящего Закона.»;

11) в статье 14:

а) пункт 2 изложить в следующей редакции:

«2. Член кооператива вправе по своему усмотрению выйти из кооператива путем подачи заявления в письменной форме в правление кооператива не позднее чем за 12 месяцев, а жилищного, жилищно-эксплуатационного или жилищно-строительного кооператива - за 6 месяцев до своего выхода.»;

б) предложение третье пункта 3 изложить в следующей редакции: «Член кооператива, передающий свой паевой взнос другому члену кооператива, вправе прекратить свое членство до истечения 12-месячного срока, а жилищного, жилищно-эксплуатационного или жилищно-строительного кооператива - за 6 месяцев с момента подачи заявления.»;

12) пункт 1 статьи 16 дополнить предложением следующего содержания «Действительная стоимость пая выбывшего члена и активов кооператива определяется на день окончания финансового года по данным бухгалтерского учета в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики в сфере бухгалтерского учета.»;

13) статью 17 изложить в следующей редакции:

«Статья 17. Структура органов управления кооперативом

Управление кооперативом осуществляют общее собрание членов кооператива, совет кооператива и исполнительный орган (правление). Совет кооператива создается в обязательном порядке, если число членов кооператива более 50.

Кооператив, в котором число членов составляет менее 50, может осуществлять свою деятельность без образования совета, в этом случае его полномочия передаются общему собранию членов кооператива.»;

14) статью 18 дополнить пунктом $13^1$ следующего содержания:

«$13^1$. По итогам общего собрания членов кооператива составляется протокол, который должен содержать все решения, принятые общим собранием. Протокол общего собрания членов кооператива должен быть подписан всеми членами, присутствующими на общем собрании. В случае проведения общего собрания и голосования заочно либо в онлайн-формате участие в общем собрании и голосовании членов кооператива должно быть задокументировано счетной комиссией в сроки, установленные внутренними актами кооператива.»;

15) пункт 1 статьи 19 изложить в следующей редакции:

«1. Голосование на общем собрании членов кооператива по вопросам повестки дня собрания осуществляется с использованием бюллетеней либо иными способами, предусмотренными в уставе.»;

16) статью 20 дополнить пунктом $5^1$ следующего содержания;

«$5^1$. По итогам заседания совета кооператива составляется протокол, который должен содержать все решения, принятые советом. Протокол заседания совета кооператива должен быть подписан всеми членами совета, присутствующими на заседании.»;

17) статью 23 изложить в следующей редакции:

«Статья 23. Ответственность членов совета и членов правления кооператива

1. Члены совета и члены правления кооператива должны действовать в интересах кооператива, добросовестно и разумно. Они должны принимать меры по обеспечению конфиденциальности информации, составляющей служебную и коммерческую тайну кооператива, которая стала им известна в связи с осуществлением ими своих полномочий.

2. Убытки, причиненные кооперативу вследствие недобросовестного исполнения своих обязанностей членами совета и членами правления кооператива, совершения сделки, в результате которой членами совета и членами правления было получено неосновательное обогащение, а также в случаях нарушения ими законодательства Кыргызской Республики и устава кооператива, подлежат возмещению кооперативу в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики.»;

18) в статье 24:

а) в абзаце первом пункта 1 слово «двух» заменить словом «трех»;

б) пункт 2 изложить в следующей редакции:

«2. Ревизионная комиссия осуществляет проверку финансово-хозяйственной деятельности кооператива в целях предотвращения возможных нарушений, ведущих к ущемлению интересов членов кооператива, ухудшению деятельности кооператива или к его банкротству, а также проверку всей деятельности кооператива на соответствие настоящему Закону и другим нормативным актам. Ревизионная комиссия вправе привлекать к проверкам квалифицированного специалиста. При осуществлении проверки жилищно-строительного кооператива и жилищно-накопительного кооператива взаимопомощи ревизионная комиссия обязана привлекать к проверке независимую аудиторскую организацию (аудитора).»;

в) в пункте 5 слова «правлению кооператива и совету кооператива» заменить словами «на рассмотрение общего собрания членов кооператива, правлению кооператива и совету кооператива»;

г) пункт 7 изложить в следующей редакции:

«7. Деятельность кооператива может быть подвергнута внешней аудиторской проверке в соответствии с пунктом 3 статьи 21 настоящего Закона. В таких случаях выбор аудиторской организации (аудитора) осуществляется советом кооператива или ревизионной комиссией (если кооператив осуществляет деятельность без образования совета) кооператива. При этом выбор аудиторской организации (аудитора) осуществляется на конкурсной основе.»;

д) статью дополнить пунктом 8 следующего содержания:

«8. В жилищно-строительном и жилищно-накопительном кооперативах ведение бухгалтерского учета и бухгалтерская (финансовая) отчетность кооператива подлежат обязательной ежегодной проверке аудиторской организацией (аудитором).»;

19) пункте 3 статьи 26 после слов «уставом кооператива» дополнить словами «и законодательством Кыргызской Республики, регулирующим деятельность кооперативов».

**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

Кабинету Министров Кыргызской Республики привести свои решения в соответствие с настоящим Законом.

**Президент**
**Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 29 ноября 2023 года №201***

МААНИЛҮҮ МАЕК
www.erkin-too.kg

“Финка банк” ЖАКнын башкармалыгынын төрагасы Махмуд САИДАХМАТОВ:

# “Финканын башкы максаты-жакырчылыкты жоюу”



**- Махмуд Тажирахматович, FINCA банк Кыргызстанда кайсы жылы түзүлгөн?**

- FINCA Кыргызстанда 1995-жылдан бери иштейт. Өз ишин аз кирешеге ээ болгон ишкерлерге, көбүнчө айымдарга кредит берүү программасы катары баштаган. Ал эми 2003-жылы «ФИНКА Микрокредиттик компаниясы» ЖАК болуп катталган, андан кийин, 2015-жылдын март айында банктык лицензия алып, «ФИНКА Банк» ЖАК болуп өзгөртүлгөн.

**- Банктын негизги миссиясы кандай?**

- FINCAнын негизги миссиясы – адамдар жашап жана иштеп жаткан коомдо алардын түшүнүүлөрүнө жана муктаждыктарына негизделген туруктуу жана масштабын кеңейтүүчү чечимдер аркылуу жакырчылыкты жоюу болуп саналат.

Ушуну менен бирге, FINCAнын миссиясынын маанилүү бөлүгү болуп социалдык колдоо көрсөтүү саналат. FINCA кардарларга, жатак мектептерге, мектепке чейинки билим берүү мекемелерине, жалпы билим берүү жана медициналык мекемелерге жардам берип, жергиликтүү коомчулуктарды өнүктүрүүнү дайыма колдоп келген жана азыр да активдүү колдойт. Корпоративдик социалдык жоопкерчилик боюнча долбоорлорго банктын кеңселерине жакын аймактарды көрктөндүрүү, ошондой эле маданиятты өнүктүрүүгө жана улуттук каада-салттарды сактоого багытталган долбоорлорду каржылоо да кирет.

**- Учурда канча кардары бар?**

- FINCA банктын кызматтарын 230 миңден ашык кардарлар колдонушат.

**- Банк кантип калың элдин катмарына жете алды? Шаардан тартып айыл жеринде жашаган карапайым адамдарга чейин микрокредит менен камсыз кылып келесиздер. Мунун түйшүгү көп болсо керек.**

- Кыргызстандын рыногунда 28 жылдан ашык убакыттан бери финансылык институт катары иш жүргүзүп келген FINCA бул убакыттын ичинде адамдардын ишенимине ээ болду. Качандыр бир кезде өз ишин жалгыз бир кеңседен баштап, кийин өлкөдөгү бирден-бир ири филиалдык тармактарды түздү. Бүгүнкү күндө FINCA бүткүл калкка кызмат көрсөтүүчү толук кандуу банк катары олуттуу ийгиликтерге жетишти жана Кыргыз Республикасынын 10 ири банктарынын бири болуп саналат.

**- Өткөн жылдардын аралыгында банк ишкерлерге кредит берүү программасынан тартып толук кандуу банкка айланган татаал жолду басып өттү. Азыр сиздерде канча кызматкер эмгектенет?**

- Компаниянын дээрлик 28 жылдык ишмердүүлүгүндө калктын финансылык кызматтарга болгон муктаждыктары кредиттер менен эле чектелбестен, банктын кардарлары болгон экономикалык жактан активдүү кыргызстандыктардын сегментинде башка финансылык кызматтарды көрсөтүү жана алардын аманаттарын фасилитациялоо, жардам, жеңилдик берүү зарылдыгы, мүмкүнчүлүгү жана потенциалы бар экендиги айкын болду. FINCAнын өзүнүн максаттуу аудиториясына финансылык кызматтардын жана өнүмдөрдүн толук түрүн сунуштоого умтулуусу «ФИНКА МКК» ЖАКтын «ФИНКА Банк» ЖАК болуп өзгөртүлүшүнө себеп болду.

Ар бир банктын өзүнүн стратегиялык келечек багыты, максаттары жана пландары бар. Ар бир финансылык институт өзүнчө иш алып барат, башкаларга окшошпойт. Банк калктын бирдей сегментин тейлей алат, бирок ар бир банктын өзүнүн өнүмдөрү жана кызматтары, принциптери жана стилдери бар. Ишинин системасына токтолсок, FINCA банк үчүн кардар дайыма биринчи орунда. Банк кардарлардын муктаждыктарын талдап, алардын ойтилектерин канааттандыруучу чечимдерди табууга аракет кылат. Бүгүнкү күндө FINCA Банкта 1200дөн ашык кызматкер эмгектенет, алар өлкөнүн эң алыскы аймактарында да калкка финансылык кызматтарды колдонуу мүмкүнчүлүгүн камсыздайт.

**- Махмуд Тажирахматович, кардарларды убара кылбай алыстан, онлайн тейлөө, же жумуштарды санариптештирүү кандай жүрүүдө?**

- Кардарлардын ыңгайлуулугу үчүн заманбап санариптик кызматтар иштелип чыгып, ишке киргизилген. Анын натыйжасында банктын кардарлары банкка барбастан, бардык кызматтарды аралыктан пайдалана алышат.

**- Депозиттердин канча түрү иш алып барат?**

Азыркы учурда FINCA Банкта 6 түр депозит бар. Алар:

- Айымдардын «Кыял» топтолуучу депозити;
- Балдардын топтолуучу депозити;
- Мөөнөттүү депозит;
- Алуу мүмкүнчүлүгү бар топтолуучу депозит;
- Топтолуучу депозит;
- «Кут» пенсиялык эсеби.

**- Биз билгенден жеке жактарга, юридикалык жактарга, ошондой эле турмуш-тиричиликке деп кредит бересиздер. Дагы кандай кредиттер берилет?**

FINCA Банкта кредиттин да 6 түрү бар. Алар:

- Керектөө кредити;
- Айымдар үчүн кредит;
- Овердрафт;
- Эмгек акы кредити;
- «Айыл» топтук кредити;
- «Бизнес» топтук кредити.

**- Кредиттер канча пайыздык чен менен берилет?**

- FINCA банкта кредиттин пайыздык чени 22%дан башталат. Негизи пайыздык чен кредиттин көлөмүнө, мөөнөтүнө жараша түзүлөт.

**- Учурда республикада иштеп жаткан банктардын саны көбөйдү. Сиздердин банк атаандаштыкка кандай туруштук берет жана башка банктардан эмнеси менен айырмаланат?**

- FINCA банктын негизги милдети – кардарлары үчүн ишенимдүү жана кесипкөй финансылык өнөктөш болуу, алардын муктаждыктарын канааттандыруу жана аларга сапаттуу жана заманбап кызматтарды көрсөтүү. Банк каржылык кызматтарды колдонууну жеңилдетүүгө жана калктын каржылык сабаттуулугун жогорулатууга салым кошууну көздөйт.

**Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ**



ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН 95 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА
www.erkin-too.kg

# АКЫЛДЫН КЕНЧИ АЙТМАТОВ



***Адатта биз ак мөңгүлүү тоолорубуздун бийик чокуларын алыстан карап коюу менен гана тим болобуз. Ал чокулардын жанына барып көрүү капарыбызга түк келбейт. Ырас, ал аска-зоолордун жанына барып көргөн киши таптакыр жок эмес, бар. Алар кимдер? Алар ошол бийик чокуларды багындыруу үчүн кара жанын карч урган альпинисттер же ошол бийик чокулардын арасынан олжо издеп, аркар-кулжа атам деген мергенчилер гана болбосо, ал жакка барганга кызыккан жан аз. Бирок, залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун "Кыямат" романын окуп баштаганда окурман өзүн дал ошол чокулардын, аска-зоолордун арасында жүргөндөй сезери бышык. Анткени, жазуучу өзүнүн бул романын биз алыстан карап жүргөн чокулардын арасындагы кыш убагындагы катаал көрүнүштү минтип сүрөттөйт: "Кыштын кыска күнүндө тоонун күңгөй беттери аз убакка жылымта тартып, наристенин тыноосундай үлпүл мемирей түштү эле, көп узабай күн ырайы кайра бузулду, капилеттен өзгөрдү – мөңгүдөн ызгаар уруп, аюудай жылган эрте күүгүм кокту-колотту мелт-калт толтура жойлоп келатты, өзү менен кошо алтүндө түшөр боз мунарык көзгө көрүнбөгөн аязын ала келатты". Бул эмне деген гана сүрөттөө. Мындан көрүнүп тургандай атактуу пейзажист Архип Куинджи кыл калем менен кылдат тандалган боёкторду төп келтирип табигаттын катаал пейзаждык полотнолорун жараткан болсо, Ч.Айтматов кайсы гана чыгармасы болбосун сөз кудурети менен айлана-чөйрөнүн климатка, аба ырайына жараша өзгөрүлүп турган көрүнүшүн дал өзүндөй чагылдырып келет. Дегеле табиятты сүрөттөө жагынан Ч.Айтматов алдына киши салдырбайт го чиркин! "Ай чыкты. Айлана сүттөй жарык"-деген сыяктуу көнүмүш пейзаждык сүрөттөөлөр анын чыгармаларына жат. Башкасын коёлу "Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт" повестинде деңиз стихиясын сүрөттөп берүү үчүн жазуучуга таланттын канчалык кудурети талап кылынды болду экен же Чыкебиз океан сырын жакшы билген түндүк элдеринин өкүлдөрүнөн болбой туруп же америкалык атактуу жазуучу Эрнест Хеменгуэйге окшоп океанда саякаттап, балык уулап көрбөсө, анан кантип океан бетиндеги көрүнүштү дал өзүндөй сүрөттөп чагылдырган маринист жазуучу болуп кеткенине таң калбаганга аргаң жок.***

Мына эми залкар жазуучубуз "Кыямат" романын да адам буту басып барбаган аска-зоолордун бөксөөлөрүндөгү кышкы көрүнүш кандай болсо, аны дал ошондой элестүү сүрөттөө менен баштаган. Чынында романдын мындай сүрөттөө менен башталышынын өз максаты бар болчу. Себеби, жазуучу өзүнүн романынын борбордук карышкыр "каармандары" - Акбара менен Ташчайнарды окурмандарга дал ушул адам баласы күн кечире албай турган климаты катаал, жаратылыш шарты татаал тоолордун бийик чокуларынын арасынан тааныштырышы керек болчу. Бул эки бөрү Ысык-Көл кыркаларына казактын Моюнкум жарым чөл талааларынан ооп келген келгин карышкырлар эле. Акбара менен Ташчайнар бул тарапка жакшы жашоодон ооп келбегендиги романды окуган окурманга белгилүү деңизчи. Бирок, чыгарманы жаңыдан окуп баштап окурманга ичи салаңдаган кош бойлуу канчык карышкыр Акбара эмне себептен аска зоолорду аралап бараткан вертолёттун күркүрөгөн ачуу добушунан "... кыңшылай баштады, боюн жыйрып, башын катты, бирок баары бир чыдай албады, аргасын түгөтүп келаткан коркунучтан Акбара улуп жиберди, боортоктоп жата калып, бүткөн бою диртилдеп, оозго сойлоду, ушуерден киргизбей алышууга чамынып, жаны кашая ызырынып, азууларын карсылдатты" деген суроо жаралбай койбойт. Ошол эле убакта окурман Акбара вертолёттун күркүрөгөн добушунан жөн эле коркуп жатат го деп ойлошу да мүмкүн. Чынында андай эмес. Мунун себеби, биринчиден Чыңгыз Айтматов композиция түзүүнүн да ашынган чебери эмеспи. Чү деген эле жерден окурманга суроо жаралып жатканы да ошондон болуу керек. Бирок окурманга романды улам илгерилеп окуган сайын пайда болгон ошол суроолордун түйүнү чечилип отурат. Чынында Акбара аскаларды аралап өтүп бараткан вертолёттун күркүрөгөн доошуна жөн жерден жата калып боортоктоп, жаны кашайып ызырынбайт болчу. Бир убакта бул ачуу доош карышкыр Акбара менен Ташчайнардын сай-сөөгүнө жетип, кан-жанына батып, жашоосуна мүшкүл, трагедия алып келген доош эле. Бул эпизодду романдын босогосу, айсбергдин көзгө көрүнүп турган уч жагы гана деп карасак болот. Анткени, анын түбү эбегейсиз чоң жана салмагы ченемсиз оор.

Дүйнөлүк адабиятта карышкыр жана адам темасында бир топ көрүнүктүү чыгармалардын жаралгандыгы белгилүү. Мен билгенден Жек Лондондун "Ак азуу" повести, Мухтар Ауэзовдун "Көк серек" аңгемеси, Нобель сыйлыгына татыктуу болгон Киплингдин "Маугли" романы карышкырлар тууралуу жазылган классикалык чыгармалар болуп эсептелет. Бул чыгармалардын ичинен Киплингдин "Маугли" романы мейли жомок чыгарма болсун, бирок ал адамзатты айбанат дүйнөсүнө абдан жакын алып келгенге жетишкен чыгарма. Жер шарында "Мауглини" билбеген адам аз чыгаар. Бирок, Ч.Айтматов "Кыямат" романында карышкырлар темасын дүйнөлүк адабиятка таптакыр башкача өңүттө, алда-канча кенен жагдайда чагылдырган десек болот. Андан карышкырлар жөнүндө жазылган мурдагы чыгармалар менен болгон кандайдыр бир окшоштукту да таптакыр көрүүгө мүмкүн эмес. "Кыямат" романын окуп чыккан окурман Чыңгыз Айтматов ушул чыгармасын жазаардын алдында өзүнө өтө оор, татаал милдетти коюу менен аны татыктуу аткарганга жетишкен турбайбы  деген гана тыянакка келиши толук ыктымал. Анткени, адамдын сезүү туюмдарын адам гана ачык-айкын билиши мүмкүн. Бул реалдуулук. Ал эми жапайы айбанаттар, асыресе карышкырлар кандайдыр бир ойлонуу аң-сезимине ээби же ээ эмеспи, аны билүү өзүнчө табышмак. Биздин түшүнүгүбүздө карышкыр жырткыч айбанат. Мына ушул түшүнүк биздин аң-сезимибизге биротоло сиңип калган. Ошого карабастан Чыңгыз Айтматовдун карышкырлар темасына кайрылып, адам темасы менен карышкыр темасын эриш-аркак чагылдырууга бел байлаганын, анын жазуучулук тайманбастыгы, жүрөктүүлүгү катары бааласак болот. Анын карышкыр темасына кайрылгандыгы, анын өзүнүн чыгармачылык дараметине ишенгендиги десек болот.

Ал өзүнүн "Кылым карыткан бир күн" романына орто кылым ойчулу Нарекаценин "Китеп менин жаным менен, китеп менин каным менен" деген кеменгер кебин бекеринен эпиграф кылып албаса керек. Орто кылым ойчулунун айтып кеткен накыл кебинин Ч.Айтматовдун көңүлүнө төп келишине дүйнөдөгү өлбөс-өчпөс көркөм чыгармалардын баары, анын ичинде өзү жазган чыгармалардын баары сүрөткерлердин кан-жанынан жаралганын жакшы билгени себеп болгон. Ошол сыяктуу эле "Кыямат" романын окуп чыккан соң, бул чыгарманын жазуучунун кан-жанынан жаратталганына ынанбай коё албайсың. Анын үстүнө Чыңгыз Айтматов "Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт" повестинде асмандын кандай чеги жок түпсүз болсо, адамдын ой жүгүртүүсү да дал ошондой чексиз деген пикирин айткан. Адам ой жүгүртүүсүнүн чексиз экендигин адамзат жашоосунда илимий-техникалык прогресс процессинин тынымсыз өнүгүп, өрүш алып келаткандыгынан көрсөк болот. Дегеле адам акылынын, оюнун чексиздиги диалектика мыйзамынын негизи экендигин моюнга алсак болот. Демек, Чыңгыз Айтматовдун "Кыямат" романы да мына ошол адам ой жүгүртүүсүнүн чексиздигинен жаралган кенен масштабдуу, көп пландуу, бийик даражалуу көркөм-эстетикалык дөөлөт. Бул чыгарманы окуп жатып, "эгерде композитор болсом бул романдын мотивинен чоң симфония, же акын болсом ири поэма жазмакмын" деген кыялга да кетет экенсиң.

Мына ушул жерден бир маселе боюнча өз пикиримди айта кетүүнү ылайык көрүп отурам. Адамзат алмуздактан тартып эле илимий-техникалык көптөгөн ири ачылыштарды ачуу менен аларды өз жашоосунда пайдаланып, өсүп-өнүгүү жолунда келе жатат. Алсак, бүгүнкү күндө Жер шарынын адамдарынын дээрлик баары колдонуп жүргөн уюлдук телефондон тартып космостук кораблге, жада калса Жер шарын аңтар-теңтер кылып жок кылып жиберүүгө кудурети жете турган өзөктүк куралдар илимий ачылыштардын жетишкендиги эмеспи. Мындайча айтканда адамзат илимий жетишкендиктерди өз жашоосунда үзүрлүү колдонуп келүүдө деп айтсак болот. Ал эми адамзат "Иллиада", "Манастан" тартып бүгүнкү күнгө чейинки жаралаган адамдын көркөм аң-сезиминен жаралган кеменгер чыгармаларына канчалык кайрылып, канчалык кулак төшөп жатканы суроо жаратпай койбойт. Анткени, мага адамзат эгерде улуу сүрөткерлер жаратып келген ошол дүйнөлүк көркөм дөөлөттөрдөгү адамдарды жакшылыкка үндөгөн акылман ойлорун өз жашоолорунда пайдаланып отурса, жер жүзүндө болуп аткан согуштарга, жамандыктарга бөгөт коюлат беле деген ой келет. Мынакей, "Кыямат" романы да адамзатка кайрылуу, чакырык жасаган чыгарма. Анын философиялык түпкү маңызы: "канткенде адам уулу – адам болот".

Анда каралган орчундуу темалардын бири карышкыр жана адам темасы. Биз адегенде Чыңгыз Айтматов дүйнөлүк адабиятта карышкыр темасын кайсы жагдайларда алга илгерилетип, ага кандай жаңылыктарды киргизе алгандыгына жана жазуучунун карышкыр темасына кайрылуу менен адамзат алдына кандай маселелерди коюуга жетише алгандыгына, анын түпкү максаты эмнеде жаткандыгына токтоло кетсек.

Ырас, адам темасы жазуучу үчүн реалдуу, даяр тема. Анткени ага адамдын жан дүйнөсү, психологиясы, кайгы-капасы, кубанычы, сүйүүсү ачык-айкын. Ал эми талаа түздө, тоо-ташта жанын багып, жашоо кечирген карышкырды адамды сүрөттөгөндөй реалдуу сүрөттөп, жеткиликтүү жазып берүү алда канча машакаттуу. Анын татаалдыгы биринчи кезекте карышкыр тууралуу чыгарманы окуп жатканда окурман ага ынангандай, ишенгендей, көз алдына карышкыр элестегендей болушу керек. Албетте дүйнөлүк адабиятта карышкырлар тууралуу көп эле чыгармалар жазылган. Бирок алардын баарын эле ийгиликтүү деп айтуу кыйын.

Ал эми "Кыямат" романын окуганда Чыңгыз Айтматов карышкырлар дүйнөсүнө абдан чукул келгендигине жана аларга Жараткан тарабынан энчиленип берилген ички туюм-сезимдерди ынанымдуу чагылдырганга жетише алгандыгына күбө болобуз. Алсак, Акбара бөрү аска-зоолорду аралап учуп өтүп бараткан вертолёттун доошун ырылдап, ызырынып кабыл алганын сүрөттөп жазуу менен карышкыр деле өткөндү эстөө мүмкүнчүлүгүнө, жамандыкты унутпоо, сезүү жөндөмүнө ээ экендигин ачып көрсөткөн. Албетте карышкыр вертолёттун адам колунан жаралган учак экенин билбейт деңизчи, бирок жазуучу дал ошол вертолёттун каардуу добушунун астында Акбара менен Ташчайнар Моюнкум чөлүндөгү трагедияны баштарынан кечиргенин, ошол ачуу добуш Акбаранын кан-жанына кантип сиңип калгандыгын окурман ынана тургандай кылып сүрөттөп берип жатпайбы.

Ал эми жакында бөлтүрүктүү боло турган мына ушул канчык бөрү Акбаранын энелик сезим-туюмунун чагылдырылышын окуганда мындай сүрөттөө кайсы калемгердин колунан келерине акылың жетпей, айран таң калбаганга аргаң жок. Сөзүм куру болбосун үчүн андан кыскача үзүндү келтире кетейин, себеби ал мен айткан ойдун жүйөөсү болсун: "Канчыктын туңгуюк туюмунда урук-тукум сактоонун табият берген улуу сезими күч алды. Ошону менен бирге жүрөгүн элжиреткен сезим ысык толкун болуп боюна тарады, туула элек күчүктөрү азыр боорунда жаткан болсо жадабастан көпкө-көпкө эмизе бергиси келди. Эне бактысынын алгачкы туюму ушул белем. Ушул элжирөөдөн боору ылдый эки катар жонсок тартып, сүт тепкен эмчек үрпүлөрү кызарып борсоюп турганга жаны жыргай кыңкыстай жиберди". Бул үзүндүнү окуганда бөлтүрүк күтүп жаткан карышкырдын энелик туюмун мынчалык ынанымдуу ачып берүү Чыңгыз Айтматовдой гана алп жазуучунун колунан келерине ынанасың.

Мындан сырткары, романда адамдарда болуучу кызганыч сезими карышкырларда да боло турганы чакан бир эпизоддо чагылдырылган. Казак талааларынан Ысык-Көл кырка тоолоруна ооп келгенден кийин эки бөрүнүн бирөө Ташчайнар "жылан чагып, жылкы теппей" бир түнү дайынсыз жоголот. Көрсө, ал жергиликтүү канчык бөрүлөргө азгырылып, чабыттап кетип, эртеси таң азанда келгенде андагы бөтөн канчыктын жытын сезген Акбара жийиркенип, Ташчайнарды жанына жолотпой, далысынан катуу тиштеп, "...көп күн бою артынан салпактатып ээрчитип койду: "Абийири жок акмак" деп, улуган үнү угулгудай кылып алыстан арттан ээрчитет". Бул эпизоддон биринчиден эки бөрүнүн жуп жашоосу таптакыр эле чийинден чыккан эмес дегенден алыс экендигин билдирсе, экинчи жагынан карышкырлар жанда жок жытчыл айбанат экендигин да көрсөткөн.

*(Уландысы бар)*



**Абдимухтар АБИЛОВ,**
**Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер**

ЖАН ДҮЙНӨ ЖАҢЫРЫГЫ
www.erkin-too.kg

# КООМ КАЙДА БАРАТАТ?



Азыр адамдардын дээрлик бардыгы уюлдук телефон менен жашап калды. Күнүмдүк турмушу, соода-сатыгы, акча которуусу, төлөмдөрү, байланышы, кат-кабары баары телефон менен жүргүзүлөт. Бир жагынан карасаң жанга ыңгайлуу, убаракерчилиги аз, убакытты да үнөмдөйсүң. Бул жакшы жагы. Бирок, тилекке каршы уюлдук телефондун терс, зыян жактары да болуп жатат. Ал эң биринчиден өсүп келе жаткан муундун аң-сезимине, дүйнө таанымына терс таасир этип, алар кайрымсыз болуп өсүп жатат. Билими эң мыкты, бирок, тарбиясы, адеби төмөн. Башы компьютердей иштейт, а жүрөгү, боору таш. Эч кимге, кала берсе өзүнүн ата-энесине кайрымы, ырайымы жок. Акыркы отуз жылда мындай типтеги адамдардын дээрлик бир мууну өсүп чыкты. Жөнөкөй эле бир мисал. Мындан он жыл илгери жаштар автобус, троллейбустарда улгайган адамдарга дароо орун бошотуп берер эле. Азыр жанына барып алым сабак айтышмайынча турбайт. Уктамыш болуп калат, же башын жерге салып телефонун карамыш болуп олтура берет. Кээ бирлерине айтсаң сени жаман көзү менен олурая карап, кагынып-силкинип, күбүрөнүп, сүйлөнүп жатып араң орун бошотот. Айрымдары турбай да коет. Жакында эле болгон бир окуяны айтайын. Жибек Жолу проспектисиндеги аялдамада тургамын. Эл аябай көп. Бир учурда кебетесине, чырымына караганда мектепте жогорку класстарда окугандай эле түрү бар үч кыз келди. Экөө дароо тамекилерин алып чыгып, улуу-кичүүнү көзгө илбей чеге баштады. Менин эле жанымда турушат. Кантээр экен деп карап турдум. Акыры чыдабай “ай, кыздар, уялсаңар боло, кайсы мектепте окуйсуңар?” дедим. Кубакай кыз “биз окуучу эмеспиз, университетте биринчи курста окуйбуз” деп жактырбагандай бурк этти. Экинчиси тамекисин дароо урнага таштады. А жанагы кубакай кыз эч камаарыбай тартканын уланта берди. Менин сөзүм сая кетти. Өзүм кичи автобуска олтурдум да кеттим. Эми шаардын чок ортосунда, мындан бир жума мурда башта эле Киев көчөсүндөгү элдер “Военторг” деп атаган аялдамада болгон дагы бир окуяны айтып берейин.

Чак түш. Аялдамага бараткан жолдо бою алибеттүү, карылуу кыргыз жигит орус кыздын алдын тосуп, оңго басса оңго, солго басса солго басып өткөрбөй жатыптыр. Мен сыртынан карап ал экөө тааныш болсо керек деп ойлодум да өтө бердим. Бир аздан кийин жанагы жигит аялдамага келди. Бир аз кызуу экен. Колунда көтөргөн кичине баштыгы бар. Келди да менин артымда турган кыргыз кызга орусча сүйлөп тийише баштады. Кыз жактырбай ары басты. Артынан барып, кызды колунан тартты. Кыз колун бир силкип алып, аялдаманын аркы четине карай басып кетти. Мен карап турам. “Отстань от меня” деп ара чолодо кыйкырып коет. Байкуш кыз аялдаманы бир айланып кайра менин жаныман өттү. Жанагы мас жигит кызга кенедей жабышты да калды. Аялдамада турган ошончо көп элден не бир жашы, не бир карысы үн катпады. Мен басып барып жигиттин жолун тородум. “Эй, эмне бул кыздын жанын койбой артынан кууп жүрөсүң” дедим. “Сенин ишиң болбосун” деди да мени айланып өтмөк болду. Жанагы жигитти кантип алка жакадан алганымды өзүм да аңдабай калдым. “Кыйын болсоң жүр тээтигиндей сыртка баралы, а кызды жайына кой” дедим ачуум келип. Экөөбүз мушташа турган болуп калдык. Жигит колуман жулкунуп бошонду да ордунан жаңы эле жөнөп жаткан кичи автобуска түштү да кетти. Качып кетти.

Акыркы мезгилде биздин коомдо өздөрүнүн эле алыс-жакын туугандарын, тааныштарын, кыргыздарды талап-тоноп, уруп-сабап, мүлктөрүн зордук менен тартып алып, ай сайын “мага паланча сом төлөп турасың” деп салык салган, бир нече жолу соттолгон, кылмыш дүйнөсүнүн анабашыларын, шылуун, жырткыч, бандит шүдүңгүттөрүн да колдоп, кубаттап чыккандар көбөйдү. Мыйзамдагы ууру Камчы Көлбаевдин өлүмүн Тик-Ток менен Инстаграмда тим эле хит кылып жибериишти. Камчы Көлбаевди көргөнү деле, көрбөгөнү деле, билгени деле, билбегени деле “ой, ал мыкты жигит болчу, жакшы ата эле, кыргыздарды коргоп турчу, бекер өлтүрүштү” деп жер сабагандар көп болду. Бир далай адамдын өмүрүнө забын болгон, ишкерлердин канын кактабай соргон кримтөбөлдүн анабашчысын апакай кылып көрсөткөнгө жан үрөштү. УКМКнын төрагасы Камчыбек Ташиев Парламентке келип сүйлөгөн сөзүндө мындай деди: “Мамлекетти бүт тазалаш керек. Силер бул ишке жардам бергиле, урматтуу депутаттар. Баарын чекеге жылдырып коелу. Жеке кызыкчылыкты, бизнести, акчаны. Мен үчүн байлыктын дагы, креслонун дагы эч нерсенин кереги жок. Бир гана маселе – мамлекетибизди таза, ыймандуу коомго айлантып калышыбыз керек. Биздин алдыбызда чоң мүмкүнчүлүк турат. Уюшкан кылмыштуулукка каршы күрөш мындан да катуу болот. Аны менен күрөшүү үчүн мен дээрлик эки жыл даярдандым. Мындан ары Кыргызстанда ОПГ деген болбойт”.

Кримтөбөл Камчы Көлбаев өлтүрүлгөндөн кийин кылмыш дүйнөсүнүн бир топ өкүлдөрү бул жолдон кайтканын интернет желеси аркылуу ачык билдирип чыгышкан. Алардын арасында “Женго” деген каймана аты бар Кадыр Досонов да болгон. УКМКнын төрагасы Камчыбек Ташиев Кадыр Досонов баштагыдай эле ишкерлерди тоногонун улантып жатканын, андыктан аны Бишкекке алып келип камоого аргасыз болгонун айтты. “Уйга жүгөн салабы, көнгөн адат калабы” дегендей кримдүйнөнүн башы кесилген менен калган денеси кыймылдап, дале болсо жашоого жан үрөгөн жылан сымал болуп жатканын көрүүгө болот. Кантсе да, эртели-кеч коом мындай терс, жат көрүнүштөн, илдеттен арылып, таза, ыймандуу коом болуш керек.

**Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ**

# “ЧЫНДЫКТЫ ГАНА ТУУ ТУТ”




Өзү жашап өткөн доордун абийири деп аталган академик Д.Лихачёв: “Айылдык карапайым кишилердин арасында да интеллигенттер бар,” деп айткан эмеспи. Биз бүгүн эстондук-советтик атактуу окумуштуу, маданият таануучу Юрий Лотмандын 80-жылдардын аягында берген маегинде айткан интеллигент же интеллигенция жөнүндө айткан пикири жөнүндө сөз кылгыбыз келди. “... Чыныгы интеллигент башка адамдын ким экенин таанууга, анын башкача экенин, ал башкача болууга укугу бар экенин түшүнүүгө аракеттенет. Элдин баары мендей болбошу керек, алар башка болгону үчүн мен аларга кызыгам. Аны тескөө же ага буйрук берүү мага оңой болсун үчүн мен эч качан аны басынтып, өз кейпимди кийгизип, өзүмө окшоштургум келбейт. Мени адамдардын адаттан тыш ички дүйнөсү, жаңычылдыгы, өзгөчөлүгү кызыктырат,” дейт ал. Бул албетте интеллигент адамдын турмушта тутунган кредосу деп айтсак туура болот.

Интеллигент болуш үчүн сөзсүз жогорку окуу жайда окуп, диплом алып чоң кызматтарда иштеш керекпи? Жок, андай эмес. Дүйнөдөгү эл аралык алкактагы не бир атактуу жогорку окуу жайларда окуп, ал эле эмес, ар кандай тармактан илим жактап, доктор, академик сыяктуу бийик даражага жеткендердин арасында да интеллигент боло албай калгандар көп кездешет. Интеллигенттик көбүнесе адамдын тубаса дээрине, акыл-эсине, баам-парасатына, сезим-туюмуна, дүйнө таанымына тиешелүү касиет экен.

Интеллект деген түшүнүк 18-кылымда толеранттуулук деп аталган. Французча "толери" – сабырдуулук деп которулат. Бул – мен башка адамдарды баалайм, анын өз ынанымына ээ болушуна мүмкүнчүлүк берем, оригиналдуу жана мага окшош эмес болгону үчүн мен аны сыйлайм дегенди билдирген. Бул маселе боюнча 19-кылымдын башында Орусияда мындай бир кызыктуу талаш жүргөн экен. Орто жашка барып калган тарыхчы жана атактуу жазуучу Николай Карамзин эскичил көз караштагы адам болгон. Ал эми бүт коомчулуктан эркиндикти талап кылган жаш либералдар аны абдан айыптап, сындап, жазуучуну келекелеген эпиграммаларды жазып чыгарышкан. Н. Карамзинди өтө баалаганы менен, А. Пушкин да ага карата эпиграммаларды жазган. Ал эми декабрист Иван Тургенев аны өз пикирине ээ болуу укугунан толук ажыраткысы келген. Ал Н.Карамзин эски көз карашты кармануууга укугу жок деген пикирин билдирген.

Н. Карамзиндин жубайы, жаш либерал Вяземскийге жазган каттарынын биринде: "Эркиндикти сүйгөн бул жаңыча көз караштагы жигиттер башка адамдардын алардан бөлөкчө ой жүгүртүү эркиндигин таанытбайт окшойт. Алар адамдардын баары либералдык гана мундир кийип жүрүшүн талап кылышат бейм. Либералдык көз караштагы жаштар үчүн эркиндик – консервативдик мундирди чечип, либералдыкка алмаштыруудан эле турат окшойт сыягы..." деп жазган. Ал эми Н. Карамзин, эркиндикти – нукура оригиналдуу болушун каалаган. “Өзүң эмнени кандай баалап, туура десең – ошондой ойло. Чындыкты гана туу тут...” Жазуучунун принциби мына ушундай болгон.

Ошентип, интеллигент адам башканы түшүнүүгө аракет кылат. Интеллигент эмес киши менин гана оюм туура деп, өзүнө кынтыксыз ишенет. Интеллигенттин түшүнүгүн коштоп жүргөн нерсе – бул күмөнсүү, анын оюу да туура болушу мүмкүн деп, өзүн сын көз менен кароо. Европалык ой жүгүртүү бүт бойдон мына ушуга негизделген. "Мен ойлонуп жатам, демек мен жашап жатам" деген белгилүү сөз атактуу француз философу Декартка таандык. Чындыгында, ар бир ой жүгүрткөн адам, башкача айтканда, ар бир интеллигент киши ушундай десе жарашат.

Декарт ойлонбогон адам жашабайт деп айткан эмес. Ал ой жүгүртпөй жашоо – бул жашоо эмес деп эсептеген. “Чөп да жашайт, бирок ал жашап жатканын билеби же жокпу белгисиз. Адам жашап жатканын аңдап-баамдаганы менен айырмаланат...” деген. Декарттын пикиринде ойлонуу, ой жүгүртүү – бул күмөн саноо, өмүрүңдө жок дегенде бир жолу баардык нерсени сын көздөн өткөрүү. Декарттын идеясын – эч нерсеге ишенүүнүн кереги жок турбайбы, баардык нерседен күмөн саноо керек экен деп ойлоо жаңылыштык. Анын оюу төмөнкүчө: “Эгерде мен бирөөнүн ой-пикирин сын элегинен өткөрбөй туруп кабыл алсам, анда ал менин оюм эмес. Ал башка бирөөнүн оюу, мен жөн эле ар кимдин оюу салынган баштыкмын. Мен аны башка бирөөнүн колунан алдым, ал мага жат. Мындайча айтканда, ал мага сиңишип, менин жан-дүйнөмө сиңип, менин оюма айланган жок...”

Ал эми адам бардык нерсени сын көз менен карап, белгилүү бир идеяларды өзүнүн акыл-эсинин, сезим-туюмунун элегинен өткөрүп, кан-жанына сиңирсе гана ошол идеяларга ортоктош болот. Интеллигент кишини интеллигент эмес кишиден айырмалап турган дагы бир маанилүү өзгөчөлүк – анын өзүнүн акыл-парасатынан чыккан өзүнүн жеке оюу бар. Ал өз турмушун өз ойлоруна ылайык курат. Ал ката кетириши мүмкүн, бирок жаңылыштыгын оңдоо үчүн эч нерсесин аябайт, атүгүл өз өмүрүн курмандыкка чалууга да даяр.

Антон Чехов интеллигент адам майда нерселер тууралуу да эч качан калп айтпайт деген. Ал эч убакта өзүн-өзү алдабайт. Интеллигент киши качан болсо өзүн актап, өзүнүкүн гана туура кылган, башкаларды такыр түшүнгүсү келбеген кишилерден кескин айырмаланат. Азыр биз демократиянын принциптерин колдонуу менен укуктук талаада, талашып-тартышканды үйрөнүү керектигин айтып жатабыз, бирок кеп анда эмес. Талашып-тартышканды үйрөнүү бири-бирин түшүнүп, сыйлашканды үйрөнүү дегенди билдирет. Мындан тышкары, бул улуттар аралык мамилелердин абдан маанилүү өңүтү. Жалпы маданият, анын ичинен улуттук маданият эки уюлдай жарыша өнүгүүгө тийиш. Интеллигенттик – бул маданий салттардын үзгүлтүксүз карым-катышы, руханий нарк-насилдин көрөңгөсү. Мындай көрөңгө жеке адамдын көкүрөк-көөдөнүндө жашап, кишиден кишиге өтөт. Маданият жандуу баарлашууну, тагыраагы, интеллигент киши менен интеллигент кишинин жүздөшүп дидарлашып туруусун талап кылат.

**Даярдаган**
**Бахпурбек АЛЕНОВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ӨМҮРҮ ӨРНӨК ИНСАНДАР

www.erkin-too.kg

# ЧЕРИКЧИ УУЛУ ЫСА МОЛДО

***Эгемендүү, эркүү мамлекет болгону айрыкча элдин маселесине кайдыгер мамиле жасалбай, кудайдын кудуретине чын ниеттен ишене баштадык. Не бир мыкты, күчтүү молдолордун артынан сая түшүп, көзүн тазалоо процесси жүрүп келди. Өзгөчө 30-жылдардагы репрессиянын тузагына нечен күнөөсүз, кудайдын жолунда түз жүргөндөр туш болду. Таластын жогорку өрөөнүндө Орозбай, Сүйүнбай, Үмөт деген элдин кеңири катмарына аттын кашкасындай белгилүү молдолор болгон. Тилекке каршы, баары репрессиянын курмандыгына айланды.***

Ошол өз доорундагы молдолордун эл үчүн кылган эмгеги чоң, алардын Улукман акедей алгырлыгы чын эмей. Атагатат, талма, ээликме, жандуу илдет, мисалы эс-тутуму жайында эмес, жин ооруларды дарылоого азыр деле медицинанын күчү жете элек шекилди. Өмүрлөрү өткөнчө оорукананын короосунан чыкпай, «байланып» жүрүшүп, маңкурттан айрып алгыс, акыл-эстен айрылып, азап чегип келишти. Ал эми эс-учун билбей жыгылган, мээсине кан куюлгандар таза айыкпай, бир ыптасынан сылтып, булдуруктап, айтор, «кан басымы көтөрүлдү» дегендерден тыңып кеткендер кездешсе да өтө сейрек. Кээси эсине келбеген бойдон жарык дүйнө менен коштошуп кете беришет. Мына ушундай узак тизме ооруларды илгерки мыкты молдолор илээси, дубасы, деми менен дарылашкан. Элдик дары чөптөрдү пайдаланышкан. Бери дегенде жети күн, ары дегенде кырк күндө таза айыктырып, сакайтып чыгышкан. Демек, биз илгеркилердин молдолук касиетин жашырып, жаап, ошол молдолордун таалимин алчулардын, учугун узартчулардын атын куйругун үзүп алдык. Калп айткан менен болобу, азыр арабызда, кара ташты уюткан, кирген сууну буугандай токтоткон, шал болуп келгендерди бутунан тургузган жана башка керемет касиет менен узангандардын караанын көздөн учат. Бу биздин муундардын орду толгус жоготуусу. Булар советтик «сокур саясаттын» курмандыктары.

Биз бүгүн сөз кыла турган Черикчи уулу Ыса молдо 1907-жылы туулган. 1943-жылы Улуу Ата Мекендик согушка катышып, кайрылып келбеди. Эл-жери үчүн курман болду. Артында Сахидин, Бахидин аттуу эки уулу калды. Алар азыр бала-бакыралуу. Молдонун укум-тукуму уланып келүүдө.

Ыса молдо негизинен Орозбай молдодон окуган, таалимин алган. Такыба, жаш молдо чоң молдолор Орозбай, Сүйүнбай, Үмөт молдолор менен машбарада бирге болуучу. Эгерде Улуу Ата Мекендик согуш чыгып кетпесе молдолук касиетин элинен аямак эмес. Жаш молдо жөнүндө эл ичинде дагы эле айтылып, унутула элек.

1938-жыл. Оо, ал кезде Талас суусу төө агызчудай кирип бергенде даап эч ким кече алган эмес. Шартка жараша анда сапаттуу, бийик курулган көпүрө салуу кайдан? Бир таман салынган солкулдаган көпүрөнү суу алып кетүүчү. Суунун эки өйүзүндө жашаган элдин катташы үзүлүп калчу. Андай кезде эки өйүзгө элди өткөрүүнү Кожоке деген аксакал мойнуна алып, суучул бээси менен өткөрүп турган. Бирок, ал күнү Кожоке аксакал эмнегедир келбей калат. Тирилик токтоп турмак беле? Жээкке келген эл көбөйө баштайт. Бири да ажалга тик карабайт. Анткени, "Баланды суу агызып кетиптир, түкүн чөгүп кетиптир" деген үрөй учурган тилсиз жоонун кырсыктары болуп келген. Ошондо Кожокенин жогун билдирбеш үчүн Ыса молдо күркүрөп агып жаткан суу жээгине келет. Кокус бирөө жарымы өтөм деп тобокелге салчу болсо, бөөдө агып өлөт деп Ыса молдо дуба окуй баштайт. Эл анда жарым атеист болуп калган мезгил. Бири да ишенишпейт. Бирок, бир оокумда төө өркөчтөнгөн кирген суу тайыздап, эки бөлүнүп агып калат. Эки өйүздөгү эл атчаны атчан, жөөсү жөө суудан өтүп кетишет. Ошол окуядан кийин Ысанын окумалдыгы таш жарып, ооздон-оозго көчөт. "Орозбайдын окуучусу Ыса молдо" деген атка конот. Орозбай молдо кадимки Кыргыз Республикасынын Баатыры, Кыргыз эл акыны Сүйүнбай Эралиевдин таятасы. Жанында бир болгон айылдаштары Шаршеналы Айылчиев, Шабдан Кучкачев: "Өз көзүбүз менен дубасынын күчтүүлүгүн көрдүк. Эки жээктеги эл суудан өтүп бүттү. Кайрадан дубасын жандырып окуду. Суу кайра атылып, мурдагы калыбына түштү" - дешчү.

Согушка чейин, Качыке дегендин карындашы Сыпайы эсепчи болуп иштеп жүрүп, жандуу илдетке чалдыгат. Эсепчилик учурунда барктуу кызмат болгон. Ошол мезгилдеги доктурлардын баарына көргөзүшөт. Бирок, элирип, талмадай талып эс акылы ордунда эмес. Акыры, Ыса молдого алып келишет. Эсепчи келинге дем салып, дубасын окуп, дарысын берип, дартына даба болот.

"Атамдын сүрөтүн издеп военкоматка, архивге чейин бардым. Негедир сүрөтүн таппадым. Апамдын айтуусунда атам күнөө болот деп сүрөткө түшчү эмес экен", - деп алты айында атадан калган, көп жылдар Талас районунун мурдагы «Манас» колхозунда зоотехник болуп иштеген Бахидин агабыз арман кылат.

Чоң молдо, ажы Сатылган Бастовдун агасы Шүкүр аксакал айтып калчу экен: «Орок маалы эле. Курч ороктун мизине сол колумдун алаканын кесип алдым. Эчтеке болбос деп ойлосом көп өтпөй колум шишип чыкты. Барбаган табып, бакшым, доктурум калбады. Баарынан да доктурлар: «Ийнине чейин шишип кетиптир. Кеспесек болбойт»,-дебеспи. Он эки мүчө, алты сандын амандыгына не жетсин. Айлам куруганда гана не бар, не жок деп Ыса молдого көрүндүм. Бир чети курбум болуучу. Учурунда келипсиң деп колумду көрүп, дем салды. Чөп-чардан жасаган дарысы менен таңды. Биринчи күнү эле колумдун шишиги ийинден ылдый тарай түшүптүр. Эки-үч күндүн ичинде эле жылыш болду. Кесилээрде кайра кайрып берди Ыса молдо сол колумду».

Кечээ жакында эле ажы Сатылган аксакал: "Агам Шүкүр чолок болорунда сенин молдо атаң айыктырган" деп эске салды. Бул окуяны Сатылган молдодон уктум дейт Бахидин уулу.

Үмөт молдо да, Орозбай молдо да, молдолуктун не бир түрдүү жолун, толгон-токой дубасын билишкен. Чынында Ыса экөөнөн тең билим алган, үйрөнгөн. Бул атактуу чоң молдолор дин илиминин гүлдөгөн жери бери жагы Олуя Ата, ары жагы Ташкент, Кокондук кожолор менен байланыштарын чыңдап турган. Учурунда алар да өз ара мечит, медреселерде жолугушуп, бүгүнкү көз караш менен айтканда тажрыйба алмашышкан. Ыса молдо мына ошол кожолордон да терең таасир алган.

Ыса молдо менен бирге окуган Бейшеналы Садыров аксакал учурунда партиялык, советтик, көрүнүктүү кызматтарда иштеген. Кечээ эле жакында 90 жашында дүйнөдөн кайтты. Мына ошол аксакал. «Буура киргенде желмаяндай желип, жеткенин жеп, чайнап салат. Андай кезде Бууранын алдынан чыккандын шору. Сүттүү-Булак жеринде ушундай бир укмуш окуя болду. Буура келинди кууп калат. Бир эле буура эмес, бир нече кирген бууралар кошулат. Ошондо Ыса молдо дубасын окуп, кууган бууралар токтоп, байкуш келин аман калат. Ажыратарга эч ким даап чыкпаганда Ыса молдо ушундай кереметин кылган» деп айтып жүрчү.



Согушта бир болгон Каакы Темиралиев, Жакыпбек Курманалиев жана Байтик аксакалдар да айтып калаар эле. Бир күнү суукта тоңуп олтурган жолдоштору: "Молдомун эле дейсиң, кана сырыңды көрсөтчү",- деп бир чети чындап, бир чети тамашалап калышты. Ошондо молдо: "Кателогдоруңарды тизип койгула"- дейт да ары карап дубасын окуй баштайт. Бир мезгилде кателогдогу муздаган суулар кайнай баштайт. Солдаттар үшүгөн колдорун жылытып, ысык суу ичип, жарптары жазылып калат. Ошондо молдонун дубасына баракелде дешип таң беришет. Арадан бир канча күн өтөт. Дагы бир күнү жолдошу Каакы, Жакыпбектер: "Ырас кара сууну кайнаттың, дубаңа го ишендик. А көзүң ачык болсо биздин качан окко учуп өлөрүбүздү айтып бергин" дешкенде... «Экөөң тең аман-эсен эл-жериңерге кетесинер. Жеңиш бүйрса биздики болот. Бирок, чиркин, андай күндү мен көрбөйм. Мага ок жаңылат» дейт. "Сен бизди аяп чындыкты айтпадың, ушул кыямат кайымда ким аман калмак эле" дешип ишенишпейт. Ырас эле көп өтпөй молдонун кекиртегин ок тешип, ичеги кардын ок аралап, жараланып госпиталда жатып калат. Ошондо көргөнү келген жолдошторуна кекиртегим эч нерсе эмес, ичтеги октон ичкен суум түгөнөт деген экен. Ырас эле айтканы айткандай келди. Жанындагы жолдоштору аман-эсен эл-журтуна келишти.

Ушундай узун сабак өмүрү кыска Ыса молдонун эл жүрөгүндө сакталып жүргөн окуяларын айта берсек аягына чыгаар эмес. Үмөт молдо, Орозбай молдонун окуучусу, шакирти, эл-жерин коргоп окко учкан, шейит жөнүндө кызыктуу эсселер, эскерүүлөр эч кимди кайдыгер калтырбайт.

Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу Ыса молдо тууралуу эл ичинде айтылып, унутулгус эскерүүлөр улана берет. Эң башкысы артында калган эл-журту, уулдары, неберелери ар убак сыймыктанып келишет. Улуу Жеңишке жеткиргендердин элеси өчпөйт.

**Айчүрөк МАКЕШОВА**



## Чубак Жалиловдун ысымы ыйгарылды

Жалал-Абад облусунун Көк-Жаңгак шаарындагы көчөлөрдүн бирине белгилүү дин аалымы, Кыргызстан мусулмандарынын мурдагы Азирети муфтийи Чубак ажы Жалиловдун ысымы ыйгарылды. Ачылыш салтанатка УКМКнын төрагасы Камчыбек Ташиев, Жогорку Кеңештин депутаты Жеңишбек Токторбаев жана КР Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Абсатар Сыргабаев баштаган жергиликтүү бийлик өкүлдөрү менен шаар тургундары катышты. Эл оозуна алынган белгилүү динаятчынын ошентип экинчи өмүрү башталды.

## Ошко эл аралык аба майдан курулат

Эл аралык жаңы аба майдан Ошко да, Жалал-Абад шаарына да салынаарын Президенттин маалымат катчысы Аскат Алагөзов билдирди. Ал соцтармакта тарап жаткан "Ошко пландалган аба майдан Жалал-Абадга салынмай болуптур" деген чындыкка дал келбеген билдирүүлөрдү төгүндөп, жаңы аба майдан эки шаарга тең курулары белгиленген. "Жалган жана чагымчыл маалымат таркатуу тийиштүү мыйзамдардын чегинде текшерилерин, ал үчүн жоопкерчилик каралганын эске салабыз. Үстүбүздөгү жылдын май айында Ммамлекет башчы Садыр Жапаров жаңы салына турган аба майдандардын долбоорлору менен жеринде таанышкан. Анда Ош жана Жалал-Абад шаарларындагы аба майдандардын ордуна ипотекалык негизде берүү үчүн көп кабаттуу үйлөрдү куруу каралганы маалымдалган", - деп билдирди Президенттин басма сөз катчысы.

## Кыргыз мушкери дүйнөнү багындырды

Кыргызстандык боксчу Амантур Жумаев Армениянын Ереван шаарында өткөн өспүрүмдөр арасында бокс боюнча дүйнө биринчилигинде алтын медалды багындырды. Ала-Тоо ичин аралаган мындай жагымдуу жаңылыкты Дене-тарбия жана спорт департаменти да бекемдеп, жаш мушкер бокс боюнча эрдиги менен Кыргызстан үчүн тарых жаратканын бир ооздон белгилешти. Амантур Жумаев 52 килограммга чейинки салмакта катышып, Өзбекстан, Германия, Орусия жана польшалык атаандаштарын түгөлү менен жеңип, финалга жолдомо алган. Улуу Манастын урпагы алтын медаль үчүн мелдеште армениялык мушкерди таза жеңип, жаштар арасында дүйнө чемпиондугун багындырды.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

УУРУСУ КҮЧТҮҮ БОЛСО, ЭЭСИ ДООГО ЖЫГЫЛАТ

www.erkin-too.kg



# БУРМАЛАНГАН ТАРЫХ, ҮЗҮЛБӨГӨН ҮМҮТ

Коррупциялык илдеттин натыйжасында он бир жылдан бери жарандык жана автордук укугум тебеленип келет. Кыргыз Республикасынын кесиптик-техникалык билим берүү системасы боюнча агенттиктин экс-директору Таалайбек Чолпонкуловдун редакциясы менен 2012-жылдын октябрь айында “70 лет Профессионально-техническое образование Кыргызской Республики “ деген китеп жарык көргөн. Китептин аннотациясында, “в книге использованы материалы Т. Алиева, Ш.Чыныбаева, И.Джолочиева и другие” деп берилген. Чындыгында бул китеп менин (Т.Алиевдин) “Становление и развитие системы профессионально-технического образования Кыргызской Республики” деген илимий эмгегимдин кол жазмасынын 78,3% материалын пайдалануу менен чыгарылган.

Китепте биринчиден, Т.Чолпонкулов мырза “70 лет профессионально-технического образования Кыргызской Республики” деген илимий эмгектин авторунун укугун тепсөө менен жана андан уруксатсыз материалдарды пайдаланган. Экинчиден, республикабыздын кесиптик-техникалык билим берүү системасынын түзүлүшүнүн жана өнүгүшүнүн чыныгы тарыхын бурмалоо менен коомго жалган маалыматтарды берген. Үчүнчүдөн, илимий эмгектин кол жазмасында берилген шилтемелердеги окумуштуулардын, партиялык жана советтик кызматкерлердин сөздөрүн өз сөзү кылып оңдогон.

Кесиптик-техникалык билим берүү системасынын ардагери катары чыныгы тарыхы бурмаланып берилген китепти коомго жана келечектеги муундарга кантип калтырабыз деген ой менен 2016-жылдын 9-июнунда Бишкек шаарынын Ленин райондук сотуна доо арыз менен кайрылдым.

Сот процессинде Т.Чолпонкулов уурулугун танып, кол алдында иштегендерди мага каршы күбө өтүүгө мажбурлай баштаганда, доо арыздын акыйкаттыгын далилдеш үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу соттук экспертиза борборуна, соттук-лингвистикалык экспертизага жиберүүнү соттон өтүндүм. Өтүнүчүм канааттандырылып, аталган экспертизанын жыйынтыгы 2016-жылдын 27-декабрындагы №1-943/27 номери менен чыкты. Анда “Профессионально-техническое образование Кыргызской Республики” аталышындагы китептин 1, 2,3,5-бөлүмдөрү (15-75-беттер, 88-128-беттер) Т.Алиевдин “Становление и развитие системы профессионально-техническое образование” илимий эмгегинин 1,2,3,5-бөлүмдөрүнө салыштырганда тексттери сөзмөсөз так келгендигин, бирок илимий эмгектеги тарыхый фактылар Т.Чолпонкулов редакциялаган китепте бурмаланып калгандыгы далилденди деп айтылат. Ошентип, плагиат жана бурмалоо фактысы толугу менен далилденгенден кийин райондук сот 2017-жылдын 10-февралында “Профессионально-техническое образование Кыргызской Республики” аталышындагы китептин 500 нускасы толугу менен республиканын аймагындагы кесиптик-техникалык лицейлердин китепканаларынан, ошондой эле республиканын региондорунун жана шаарларынын китепканаларынан контрафакт катары конфискациялансын деген чечим кабыл алды. Бирок Т.Чолпонкулов райондук соттун 2017-жылы 10-февралда чыгарган чечимине макул болбой, Бишкек шаардык сотуна апелляциялык арыз менен кайрылды. Шаардык соттун А.Алибаев төрагалык кылган коллегиясы сот процессин Т.Чолпонкуловдун суранычы боюнча эки ирет кийинкиге жылдырып, акыры 2017-жылдын 6-июлунда А.Алибаевдин төрагалык кылган сот процессинде судьялар Н.Илиясова жана Фахритинова Т.Чолпонкуловдун эч бир жүйөсү да, далили жок даттануусун канааттандырып койду. Уурдалган эмгек боюнча акыйкатка жетиш үчүн 2013-жылдан бери күрөшүп келе жатканымды сот эске албады. Экспертизанын жыйынтыгы бар экендигине карабастан, кесиптик-техникалык агенттикке тапшырылган кол жазма менен кыргыз патентте катталган кол жазма бирдей экендигин Т.Алиев далилдей алган жок деп сот дагы бир калпты шыпыртты. Ал эми Т.Чолпонкулов түзгөн китепте тарыхый фактылар орой бурмалангандыгы жөнүндө бул чечимде сөз да жок. Карандай калптарга негизделгендиги үчүн болсо керек, аталган соттун чечимин менин колума талаптагыдай 10 күн ичинде эмес, бир айдан кийин гана беришти.

Бишкек шаардык сот А. Алибаевдин төрагалыгы астында жүргүзүлгөн соттук коллегиясынын акыйкатсыздык менен чыгарган чечими боюнча “Адилеттүүлүктөн тайган сот процесси” деген аталышта “Багыт” гезитинин 2017-жылдагы 4-октябрында №71 санында жазган макалам жарык көргөн. Ал макалада сотто каралган маселе боюнча шаардык сот А.Алибаевдин ойдон чыгарылган, эч нерсе менен тастыкталбаган, чындыкка туура келбеген карандай калпты келтирүү менен чечим толук жазылган эле.

Анан да Т.Чолпонкулов жетектеген кесиптик-техникалык агенттик менин авторлугумду тастыктаган №2031 күбөлүктү жокко чыгаруу үчүн Бишкек шаарынын Свердлов районунун сотуна, ал сот доосун канааттандырбагандан кийин шаардык, анан Жогорку сотко чейин жазып, катуу далбаса кылышты. Бул жагынан Т.Чолпонкуловдун арам оюу ордунан чыкпай калды.

Т.Чолпонкулов плагиат жасагандыгын жана фактыларды бурмалангандыгын айкындаган Бишкек шаарынын Ленин райондук соттун чечимин шаардык сот жокко чыгаргандан кийин, 2017-жылы 8-августта Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун жарандык иштер боюнча соттук коллегиясына кассациялык даттануу менен кайрылдым. Ал боюнча соттук процесс эки жарым айдан кийин, 2017-жылы 26-октябрда болду. Г.Калиеванын төрөайымдыгы астында өткөн сот ишинде судьялар Д.С.Кульматова жана М.П.Мальникова кайра эле Бишкек шаардык соттун адилетсиз чечимин күчүндө калтырып койду. Кайра эле баягы калптар. Ал эми Т.Чолпонкуловдун даттануусу боюнча Жогорку соттун 2017-жылдын 9-августундагы токтомунда “Становление и развитие системы профессионально-технического образования Кыргызской Республики” деген кол жазма кызматтык чыгарма болуп саналбайт, анткени Алиев Т. менен эмгек мамилелеринде турбайт деп жазылган. Жогорку соттун 2017-жылдын 9-августундагы жана Жогорку Соттун 2017-жылдын 26-октябрындагы чыгарган токтомдору бир-бирине каршы тургандыгы ачыктан ачык көрүнүп турат. Т.Чолпонкуловдун мен берген илимий эмгектеги тарыхый фактыларды өзүм билемдик менен бурмалап салгандыгы автордук укугумду бузгандыгы болуп саналат.

2021-жылдын июнь айында КР Президенттик аппараттын сот реформасы жана мыйзамдуулук боюнча жооп берүүчү А.Салиев кармалгандыгын угуп Президентке жазган кайрылууларым каралбай “отписка” иретинде жооп берип жаткандыгын билдим.

2023-жылдын 29-августунда КР Акыйкатчы институна кайрылып, жарандык жана автордук укугум 11 жылдан бери тебеленип жатат деп кайрылсам, алар КР мыйзамдарына ылайык Акыйкатчы институту сот органдарынын чыгарган чечимине баа берүүгө укугу жок деп жооп беришти. Ошентип КР Жогорку Сотунун коррупцияланышынын натыйжасында 11 жылдан бери жарандык жана автордук укугум тебеленүүдө, бирок адилеттүүлүккө жетиш керек деген ой үзүлбөйт экен.

**Токташ АЛИЕВ,**
**КР персоналдык пенсионери,**
**кесиптик-техникалык билим**
**берүү системасынын ардагери,**
**Кыргыз Республикасынын**
**билим берүүсүнө эмгек**
**сиңирген кызматкер**

## ПОДРАЗДЕЛЕНИЕ СЛУЖБЫ СУДЕБНЫХ ИСПОЛНИТЕЛЕЙ КЕМИНСКОГО РАЙОНА ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ

**объявляет первичные торги**

***на экскаватор марки 51180, 2012 года выпуска, заводской №628, двигатель №0001212 Vz 3045, государственный №08192 СА, принадлежащий на праве собственности САВП «Кич-Кемин-Суу-Башы» на основании техпаспорта от 29.12.2016 года KG №0016143.***

***Со стартовой стоимости, в размере 147 900 (сто сорок семь тысячи девятьсот) сомов.***

Торги состоятся по месту нахождения имущества **10 января 2024 года в 10.00 часов.**

Для участия в торгах необходимо внести гарантийный взнос в размере **5 (пять)%** от стартовой суммы до начала проведения торгов на депозитный счет ПССИ Кеминского района Чуйской области, по реквизитам: **440342100000138, ИНН 00405199510158, БИК 440304.** Прием заявок на участие в аукционе заканчивается за один день до начала аукциона.

Участник, выигравший открытый аукцион, должен в течение 5 дней внести на депозитный счет ПССИ Кеминского района покупную цену за вычетом суммы гарантийного взноса.

**Справки по телефонам: (03135) 5-05-74, сот. (0704) 19-23-75, (организатор торгов судебный исполнитель ПССИ Кеминского района Асанказиев К.Б.).**

С/О 387

**Настоящим сообщаем, что 30 ноября 2023 года и 1 декабря 2023 года на основании передаточных распоряжений и договоров дарения зарегистрирована передача акции ОАО «Сон-Куль» между аффилированными лицами:**

| | *Было кол-во до передачи, % Простые акции* | *Передал кол-во,% Простые акции* | *Стало после передачи, % Простые акции* |
|---|---|---|---|
| Омургазы уулу Семетей | 5 043 шт. (7.9905%) | 5 043 шт. (7,9905%) | акций нет |

| | *Было кол-во до передачи, % Простые акции* | *Передал кол-во,% Простые акции* | *Стало после передачи, % Простые акции* |
|---|---|---|---|
| Мамакеев Усен Куванычбекович | 15 115 (23.9495%) | 15 115 (23.9495%) | акций нет |

| | *Было кол-во до передачи, % Простые акции* | *Получил кол-во, % Простые акции* | *Стало после передачи, % Простые акции* |
|---|---|---|---|
| Абдыразаков Орозобек | 40 260 (63,7913%) | 20 158 (31,9400%) | 60 418 (95.7314%) |

*Общее количество простых акций общества 63 112 шт.*
*Стоимость при выпуске - 1,6536 сом.*
*Номер эмиссии - KG 0101017018.*

Н-373

## «ЭРКИН-ТОО» ААК

***Сиздерди 2023-жылдын 26-декабрында саат 11.00дө Бишкек шаары, Эркиндик бульвары, 45 дарегинде акционерлердин кезексиз жалпы чогулушу боло тургандыгын маалымдайт.***

**Күн тартиби:**

1. Эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү.
2. 2020-жылдын 27-ноябрындагы акционерлердин кезексиз жалпы чогулушунда кабыл алынган үчүнчү жана төртүнчү маселелеринин чечимдерин жокко чыгаруу.
3. Жоюучунун отчётун бекитүү.
4. Жоюучунун ыйгарым укуктарын токтотуу.
5. Жоюучуну шайлоо.
6. Ири бүтүм жасоо жөнүндө чечим кабыл алуу.

Акционерлерди каттоо **саат 10.00дөн баштап саат 11.00гө чейин.** Чогулушка катышууга укугу бар акционерлердин тизмесин түзүү күнү – **2023-жылдын 10-декабры.**

Чогулуштун матералдары менен акционердик коомдон таанышууга болот. Дареги: **Бишкек шаары, Эркиндик бульвары, 45.**

**Сурап-билүү телефондору: (0700) 03-11-64, (0552) 03-11-64.**

**Эскертүү:** акционерлердин өзүлөрүндө паспорту, ал эми акционерлердин өкүлдөрүндө жана юридикалык жактарда – тастыкталган ишеним каты жана паспорту болууга тийиш.

## ОАО «ЭРКИН-ТОО»

***извещает Вас, что 26 декабря 2023 года в 11.00 часов по адресу: г.Бишкек, бул. Эркиндик, 45 состоится внеочередное общее собрание акционеров.***

**Повестка дня:**

1. Утверждение состава счётной комиссии.
2. Отмена решений, принятых на внеочередном общем собрании акционеров 27 ноября 2020 г. по третьему и четвертому вопросам.
3. Утверждение отчета ликвидатора.
4. Сложение полномочий ликвидатора.
5. Избрание ликвидатора.
6. Принятие решения о совершении крупной сделки.

Регистрация акционеров **с 10.00 часов до 11.00 часов.** День списка акционеров имеющих право участвовать на внеочередном общем собрании акционеров – **10 декабря 2023 г.**

С материалами к собранию можно ознакомиться в акционерном Обществе по адресу: **г.Бишкек, бул. Эркиндик, 45.**

**Телефон для справок: (0700) 03-11-64, (0552) 03-11-64.**

**Примечание:** акционерам необходимо иметь при себе паспорт, а представителям акционеров и юридических лиц – оформленную доверенность и паспорт.

***Жетимишов Батырбек Камиловичке тиешелүү №169601 (12.12.2008-жылы берилген) мам.актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-371

***В связи с утерей договора купли продажи №1-253 (от 02.02.2007 г.) на имя Султановой Гульмиры Нуркуловны считать недействительным.***

Н-372

***В связи с утерей свидетельства на право пользования земельный долей №751 (от 20.01.1999 г.) на имя Наймамбаева Ниязбека считать недействительным.***

Н-374

***“Ош Жибек” айыл чарба жибекчилик кооперативине таандык №1252825 жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

К.

## "КЫРГЫЗ ФОНДУЛУК БИРЖАСЫ" ЖАНА "БОРБОРДУК ДЕПОЗИТАРИЙ" ЖАБЫК АКЦИОНЕРДИК КООМДОРУНУН КОШУМЧА ЧЫГАРЫЛУУЧУ АКЦИЯЛАРЫН САТЫП АЛУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 15-ноябрындагы №376 "Фондулук рынокту жана биржа ишин андан ары өнүктүрүү чаралар жөнүндө" Жарлыгын аткаруу үчүн, ошондой эле баалуу кагаздар рыногун өнүктүрүүнүн жана чындоону активдештирүү боюнча мамлекеттик саясатты ырааттуу жүзөгө ашыруу, баалуу кагаздарга менчик укуктарды коргоо жаатында мамлекеттин ролун чыңдоо, фондулук рынок институттарына ишенимди жогорулатуу жана жагымдуу инвестициялык чөйрөнү түзүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик 2023-жылдын 25-декабрына чейинки мөөнөттө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте "Кыргыз фондулук биржасы" жабык акционердик коомунун 33,4% өлчөмдөгү жана "Борбордук депозитарий" жабык акционердик коомунун 50%дан кем эмес өлчөмдөгү кошумча чыгарылуучу акцияларын сатып алуу жөнүндө маселени чечсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:

1) "Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун даярдоодо ушул токтомдун 1-пунктуна ылайык "Кыргыз фондулук биржасы" жана "Борбордук депозитарий" жабык акционердик коомдорунун кошумча чыгарылган акцияларын сатып алууга акча каражаттарын карасын;

2) ушул токтомдун шарттарына ылайык "Кыргыз фондулук биржасы" жана "Борбордук депозитарий" жабык акционердик коомдорунун акционери болсун.

**3.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 18-июлундагы №399 "Кыргыз фондулук биржасы" жабык акционердик коомунун жана "Борбордук депозитарий" жабык акционердик коомунун кошумча чыгарылуучу акцияларын сатып алуу жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №205 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 18-июлундагы №399 "Кыргыз фондулук биржасы" жабык акционердик коомунун жана "Борбордук депозитарий" жабык акционердик коомунун кошумча чыгарылуучу акцияларын сатып алуу жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү тууралуу" токтому.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 24-ноябры, №625***

## 2023-ЖЫЛДЫН 9-ИЮНУНДА АСТАНА ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН КАЗАКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ "АК-ТИЛЕК" ЖАНА "КАРАСУ" АВТОЖОЛ ӨТКӨРМӨ ПУНКТТАРЫНЫН РАЙОНУНДА ИНДУСТРИАЛДЫК СООДА-ЛОГИСТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИН ТҮЗҮҮ ЖАНА ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында, "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2023-жылдын 9-июнунда Астана шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Казакстан Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы "Ак-Тилек" жана "Карасу" автожол өткөрмө пункттарынын районунда индустриалдык соода-логистикалык комплексин түзүү жана ишин жөнгө салуу жөнүндө тиркелген макулдашуу бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги жогоруда аталган Макулдашууну ишке ашырууга жооптуу орган болуп аныкталсын.

**3**. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги казак тарапка жогоруда аталган Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө кабарласын.

**4**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 24-ноябры, №626***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ЖААТЫНДАГЫ АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимдерин системалаштыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 25-апрелиндеги №245 "Баштапкы кесиптик билим берүү системаларынын иштерин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актылар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Баштапкы кесиптик билим берүүнүн билим берүүчү уюмдары жөнүндө типтүү жободо:

- 8-пунктта "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 12-пункттун үчүнчү абзацында "3,5 жылга чейин" деген сөздөр "2-3 жылдан кем эмес" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 38-пунктта "3 жыл" деген сөздөр "2-3 жыл" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 27-июнундагы №261 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүчү уюмдарынын студенттерине жана окуучуларына стипендиялардын өлчөмдөрүн белгилөө жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пунктта:

- бешинчи абзацта "жана 2 жылдык" деген сөздөр алып салынсын;

- алтынчы абзацта "3 жылдык" деген сөздөр "2-3 жылдан кем эмес" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 2-пунктта ар түрдүү жөндөмөлөрдөгү "Өкмөт" деген сөз тиешелүү жөндөмөлөрдө "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыялануууга тийиш жана 2023-жылдын 1-сентябрынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 24-ноябры, №628***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОРГОО МИНИСТРЛИГИНИН «ТАМГА» АСКЕРДИК-КӨМӨКЧҮ ЧАРБАСЫ» МАМЛЕКЕТТИК МЕКЕМЕСИН КАЙРА УЮШТУРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Башкаруу түзүмүн өркүндөтүү жана финансылык каражаттарды натыйжалуу пайдалануу, иштин натыйжалуулугун андан ары жогорулатуу жана контролдоо системасын күчөтүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 92-95-статьяларына ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин «Тамга» аскердик-көмөкчү чарбасы» мамлекеттик мекемеси Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигине караштуу «Тамга» аскердик-көмөкчү чарбасы» мамлекеттик ишканасына өзгөртүп түзүү жолу менен кайра уюштурулсун.

**2**. Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигине караштуу «Тамга» аскердик-көмөкчү чарбасы» мамлекеттик ишканасынын уставы тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги:

